Нурпаис ЖАРКЫНБАЙ

# ИЧЭЭР СУУМ БҮТКӨНЧӨ...

*(Ой-санам)*

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2023

УДК 821.51-3
ББК 84(5Кир)-44
Ж 35

*Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү*

Ж 35 **Жаркынбай, Нурпаис.**
**Ичээр суум бүткөнчө...** – Б.: Улуу Тоолор, 2023. – 112 б.

ISBN 978-9967-29-594-0

2016-ж. – Тарых жана Маданият жылы – деп – Мамлекетибиз тарабынан расмий аталышы – калкыбыздын руханий асыл казнасын мындан ары да бөксөртпөй сактап, сактап гана калбай, ары да сабактантып, өнүктүрүү керектигин тастыктап олтурат.

Автор бул жагдайды эске ала, тарых менен маданиятты оозеки, жазма түрүндө ташка да, кагазга да түшүрүп, жер каймактагандан аздектеп сактап келаткан тартымдуу ТИЛ өнөрүнө ой чабытын агытат.

**УДК 821.51-3**
**ББК 84(5Кир)-44**

ISBN 978-9967-29-594-0

© Жаркынбай Н., 2023

# ЖЕР ДАНЕГИ – КӨЗ КАРЕГИ

## (Биринчи ажырым)

# ТАЗАРСАК ТАЗ КЕЙИПТЕН

Улуу Жараткандын Адам ата менен Обо энебизди ушул ыйык жер бетине түшүргөнү (күнөкөр катары болсо да) бир чети ырас эле болуптур дейм. Дейм да анан кыйла ойго баттым. Адам кейиптүү айбандарды — горилла, шимпанзе, орангутан маймылдарды да, Алла Таала баардык болбосо да, ар түрдүү макулуктардын кейпин кийген жер, суу, асман жан-жаныбарларын жараткан экен. Топоздун башы — уйдукуна, куйругу — аттыкына, сөөгү — бизондукуна, жүнү — эчкиникине, мүйүзү — буканыкына, коркулдашы — чочконукуна окшош…

Жер — ыйык. Ал көздүн карегиндей тоголок.

Жер — баарыга кенч…

Жер — төр да, көр да…

Жер — базар да, мазар да…

Макулуктарды мындай кой, тил, акыл бүткөн Адам баласы эле күн, ай, жыл, кылым өткөн сайын аны гүлдөтүп да, күлгө айлантып да келет.

Азыр бир Фауст эмес, ар бир пенде «Бар же жок?..» — (Жашообу же жайрообу?») деген илептүү чоӊ суроону бетке басууда. Өткөн кандуу согуштар Жер бетине 20 миллион «Тырык» калтырганы белгилүү. Эгерде ал «тырыктарды» адам бетине түшүрсө, бир да соо жери калбас эле.

Мезгил — күзгү. Ал өткөн мыкаачы баскынчылар — Чыӊгызхандын, Македонскийдин, Наполеондун, Гитлердин кара беттерин даана көрсөтүп турбайбы!..

Чыңгызхан канжалата 40 мамлекетти чапты. Аксак Темир 200 ажааны менен биздин эле Ысык-Көл аркылуу өтүп, айтылуу «Сан-Таш» эстелигин калтырган эмеспи. Бул анын «Кол жоктоо» амалы болгон. Жортуулга баратканда ажаандарынын ар бирине бирден таш таштатып, дөбөдөй үйдүрүп, кайтканда ошол дөбө таштарынан бирден алдырып, экинчи тарапка үйдүрүп... Ошол амал менен кызыл кыргындан канчасы аман кайтканын эсепке алып, тактап билчү тура... Миңдеген адам башын үйдүрүп, «жандуу» пирамида да тургузуп кеткен эмеспи...

Улуу кыл калемгер Верещагин жүрөк титиреткен бул суук көрүнүштү кең алкак сүрөткө түшүрүп, «Согуш сеңири» (алгачкы аталышы «Темирландын даңкы») деп ат койгон. Ат койгон да, «Өткөндөгү, бүгүнкү жана болочоктогу баардык улуу баскынчыларга арналат» деп сүрөт аягына кол жазмасын калтырган эмеспи... Бул да жердеги чоң «тырык» эмей эмне?

Атом жарылгычынын «аталары» Гробус, Оппен Геймер, Курчатов өңдүү ашынган аалымдар экинчи төрөлбөө экен. Нагасаки, Хиросима алааматы экинчи кайталанбас...

Учурунда кийинки эле кан майдандардын очоктору — «Бородино талаасында» болгонум бар. Баарын коюп, «Манасты айт», — дегендей, баарын мындай коюп, ошо «Бородинону» божурайын. «Бородино» десе, Лермонтовдун ушул эле аталышта жазылган жандуу ыры кулагыма жаңырат:

Айтсаң, аке
Жөн жеринен Москва,
Алоолонгон өрттүн калып астына —
Французадар басып алган, маскара!..

Араан бул жер, тагыраагы, талаа эки баскынчынын Наполеон жана Гитлердин кандуу жортуулунун кол алдында калганы маалым.

Анакей, Л. Толстойдун жыгачтан салдырган чакан үйү. Ал мында аӊ-дөӊдүү бул талааны жөө аралай басып, айтылуу «Согуш жана тынчтык» эпопеясынын «үрөнүн» чогулткан.

Анакей, эки согуштун эстеликке калган чалдыбарлары: окоптор, траншейлер... Жалпак тил менен айтканда, жан сактоонун алдын ала казылган көрүстөндөрү...

Анакей... Айта берсе «анакей-мынакей» жер боорунда айтып бүткүс...

Бул күнү адам колу жетпеген, аягы баспаган жер бучкагы калган эместей... Акыл адамды (жараткан аны жерге түшүрсө да) Көкө Теӊирге кайра алып чыкты. Айга изи түштү. Бирок да... Бирок да, турмуштун өзү улуу фантасттар Жюль Верн, Герберт Уэлс, Иван Ефремов өӊдүүлөрдүн жазган шумдук окуялардан аалам чындыгы канча татаал экенин көрсөттү. Муну космонавттар, астронавтар баштарынан өткөрүштү. Канчасы курман болушту.

Кансыз, космостук кагылышуулар качан токтойт?..

* * *

Адам күндүзү куш уйку салганда да, түнү сүт уйкуда жатканда да Жер жазданат. Куш жаздыкпы, ээр токумбу, ак калпакпы башында, баарибир ал таяныч болгон түбү түктүү Жер боорун, Жер үстүн жазданат. Байыртадан элдик чыгармада «Чыканак жерге салайын, чырм эте уйку алайын», — айтылат эмеспи...

Жер — баардык жандын энеси.

Көп тилде экөө бир бүтүндүктө, жуураттай уюткулуу айтылат. Экөө тууралуу, ооба көп тилде уламыштыр, болмуштар, жомоктор, дастандар чытырман токой...

Өзүмдүн эле бир ырымды мисал тартайын:

Бүт дүйнөлүк энелерге атайы,
Элесимден бир эстелик тургуздум.
Анда: эненин Жерге болгон арналуу,
Боор этеңдей жакындыгын туйгуздум…

**Биринчи түрү:**

Пьедесталда тосуп алгач таң нурун,
Тулку бою бир аз артка кийиндеп,
Турат эне — Жер шарынын тагдырын,
Аёо менен эки колдоп ийиндеп!

**Экинчи түрү:**

Жамыраган жылдыздардын койнунда,
Суйдаң чачын каптап чымкый агаруу,
Топтомолок жер шарына сүйөнө,
Жатат эне башын жаздап санаалуу…

Дагы бир жолу кайталайын: улуу Жараткан Адам ата менен Обо энени күнөөкөр катары Жерге түшүргөнү бир чети жакшы эле болгон экен.

* * *

Мен деле асманда эмес, ушу эле Жерде жарыкка келдим. Киндик каным асманда эмес, ушу эле ыйык Жерге тамды, Жер менин чоң энем. Анын койнунда өстүм, чоңойдум. Тушоом кесилип, жер кездим. Асманда жүрүп жерсидим — эңседим. Ал эми космонавттар менен астронавттардын жер эңсөөсүн айтпай эле коёлу…

Мен жарыкка келген 1940-жылы экинчи дүйнөлүк согуш башталган тура. Мен анда үч жашта экенмин. Кийин эс тартып, мектеп босогосун аттаганда гана кандуу жылдар болуп

өткөнүн, Германды Совет жеңгенин уктум, окудум. Киного барып, биздей балдардын эле ыйын, муңун уктук. Коңшу-колоң үйлөрдөн, көчө-көчөдө балдакчан буту-колу жок, аскер кийимчен байкелерди көрдүк...

...Ошол балачакта шымынын бир багелеги тизесине чейин шөлбүрөгөн бирөө базар четинде күндө олтураар эле. Жөн олтурбай, баштыкчасынан махоркасын чымчып, мурда даярдап алган эки сөөмөй гезит айрымына ороп, анан шилекейлеп, түтөп эле жатып калчу. Кош балдагынын бирөөсүн жерге ургулап, бизди урушчу.

Биз болсо эмне, кечээ кинодон көргөн «Көркөм» согушту ого бетер «көркөмдөп», оюнга айлантып, бирибиз «жеңип», экинчибиз «өлүп», көчөнү ызы-чуу кылчу турбайбызбы...

Кийин ал көрүнүштү минтип ыр түрмөгүнө салдым:

Бирин-бири
Аңдышып, там айлана,
«Автоматтар» колдордо таамайлана,
Топ-топ балдар жатышты «согуш ойноп»
Топурактан гранат... чаң айлана.
Отургучта,
Кыйылган теректеги,
Отургучтай мулуйган буттун теңи,
Чал балдардын оюнунан улам... анан,
Өткөн кандуу күндөрүн элестеди.

Ал эстеди –
Бутунун сопсоо чагын,
Ал эстеди бут кескен госпиталын.
Ал эстеди жыңайлак чор таманын,
Суук карады жанында кош балдагын.

... Карай калса
Баласы тилин сунуп,
«Өлүп» жатат тигинде... түрү суук!
Чал ачуулуу таягын сокту жерге,
— Токтоткула! Оюнуңар кетсин куруп.

Тык токтолду,
Мээлүүн, тынч аба желди,
(Таштай катчы уулу да жана жерди)
Алар кайра башка оюн баштап кетти,
Чал ордунда ызалуу кала берди...

Чал кайрадан
Таягын чапты жерге,
Чаап жаткансып Жер шарын башка, мээге.
— Токтоткула дүйнө эли, эсиңе кел,
Оюнуңар жетишет баштагы эле!..

Жерди кудай өзү айланкөчөк болуп бийлеп жатып жараткан тура. Индус элинин ишеними ушундай.

Жакшы ишеним! Бийде бүткөн бой, ички дүйнө, баары ийийт, ийленет. Ылайым ыйык жер бий кучагында болсун! Жер ылайым бейкуттуктун кучагында айлансын!

Жерди — көз карегиндей сактайлы. Аны, Жер — Каректи майлуу, жылуу чанагынан чыгарбайлы. Аны кордогондордун көзү аксын!..

Жер булкунса, ачууланса баарын жутуп да коёт. Помпейдин акыркы күнүн, Спитак кыйроосун... өңдүү зилзалаларды унутпайлы. Анын ой-чуңкуруна, какыр чөлүнө, алаамат мухит толкундарына көзүбүздүн төбөсү менен карабай, эртеңкисине көз чаптырып, көз бололу... суу карек болбойлу...

Көзгө басаар каректей жерибизди кордоп, эртеңден көзүбүз төрт болбосун...

# ИЙГИ СӨЗГӨ ТИЗГИН ИЙ

Эми, эл оозунда кылым бою сакталып келаткан кыргыздардын кыт сөздөрүнөн тизмектей кетели.

Жер тою – орок түшкөндө.

Каргылуу тоом урабасын…

(тоо кулабайт, урайт – Н.Ж.)

Майлуу журтум гүлдөсүн.

Өлчөөсү кара Жер, ар кимдин...

Жер-суу тайуу өткөрүп…

Топурак баскыр десе, тепек баш.

Төбөӊ – жайлоо, төшүӊ кыштоо. Ата-журт.

Жер сордубу, Кудай түгөткүрдүкү.

Түӊүлмө жайга кеткен ал.

Жолуӊ узарсын балам.

Жолдун уусу (сыры) көп экен.

Жер үшөдүм (сагынуу)

Жер соргур, жер албагыр…

Жер менен жексен кетсин.

Жер айрылып көк чыкты, желин айрылып сүт чыкты.

Жер чымырап, көк чайлап…

Жерге амал кирди…

Жер кыяпаты жөнүндө кептин учу жок, айта берсе.

Эми эмки сөздө бололу, эмесе…

# ҮЧ ЖУРТ – ҮЧ КУТ

## (Экинчи ажырым)

* * *

Эмки сөз дале ошо Жер жөнүндө. География илиминде Жер кыткаларга — материктерге, кыткалар — кытаттарга (келкилерге) бөлүнөт. Анда баш күндөн эле атак алган ар түрдүү журт жашап келет. Ал жөнүндө кийин айта жатаарбыз…

Жерге арнап мен да көп эле ыр жазгам. Дале жаза берем. Анын бири — бул, экинчиси да коштолду:

Көк сызык,
Кара сызык, кызыл сызык,
Жер шарын кичирейткен акыл кысып.
Глобус — чимирилет сөөмөй менен,
Бүт дүйнө айланкөчөк, кошо сызып…

Кыйырсыз тоо, түздүктөр, мухиттер бар,
Алиге из түшөлек чокулар бар.
Жолдорчу — темир, асфальт, жалгыз аяк,
Купуя көз көрбөгөн… чоочун алар.

Кучакка
Баарын тегиз кысып алгыс,
Ушунча дүйнө жатса кызык, алыс,
Көөдөнгө жүрөк-эркти камап алып,
Неге биз тар чөйрөдө кысылабыз!

* * *

Жүрүп, жүрүп…
Ата журттан алыста,
Мезгил жетсе кайра айланып барышка,
Канча эргүү, сагынычың сезилет,
Ошондогу жүрөк урган дабышта!

Жеткенинче
Көңүлүңдү жай кылбай,
Коркунучка дуушар кылып ар кандай,
Жалама зоо, аска аралап өтсө да,
Үйдү карай алып барчу жол кандай!

Бул жерде эки ырымды бирине-бирин улай бергеним бекеринен эмес. Экөө сабакташ экенин сөз соңунда айтаармын.

Жер бетинде ушунча көп алыс, кооз, катаал булуң-бурчтар учурайт. Аны тамандары тешилген саякатчылар, аскачылар, соодагерлер, суучулдар, улама дербиштер (айтпасак да белгилүү — каракчылар, дүнүйөкорлор) бешке билишет…

Момундай бир окуяны окуганым бар: Америкада Аморгоса жана Панамаят кырка тоолорунун аралыгындагы какыр ойдуң 56,7$^0$С даражада ысык. 1849-жылы алтын издөөчүлөр анда суу таппай, сөөктөрү сөпөт болушкан. Ошондон улам бул өрөөн «Ажал өрөөнү» деп аталып калган. Алыска чыкпай эле, өз башыман өткөн бир кызыкты (бул жерде кыябы келгендиктен) кыстара кетейин. Мээ кайнаткан ысыкта топ балдар ойноп баратып, бир белге чыктык. Айланабыз жашыл тулаң. Тулаң койну жайнаган гүл… Коктуда ничке нукта көкмөк суу агып жатат. Чаңкаган жаныбыз жата калып, шимире ичип кирдик. Ичкенибиз туздуу булак болуп чыкты. Көзүбүздөн жаш, мойнубуздан шор кетип, төмөн жүгүрдүк. Тиги жактан уйчунун үйү

көрүндү. Жетип, муздак чалап жутуп, жаныбыз калганы эстен түк кетпейт али.

Жер койну ушундай өң өзгөртмө да келет экен. Эмне болсо да, жашоодо көптү көрүп, көп кескенге не жетсин. «Кез-кезде» торго чалынбай, эр жигит жолу болобу?» деген сымал, тозокто да бир кадам алга жылган пайдалуу.

Козу көчүм, камчы салым өңдүү аралыктар, ашыркы барса, келбес жолдор да көп учурайт.

Байыртада жолоочулап алыска чыккандар «Сапарыбызды кыйбагыла, ак батаңарды бергиле», — деп көпчүлүктөн атайы суранчу экен. Алар айсыз түндө да, жол танабын чалып, анын уусун (сырын) билгенге кумарланышкан.

Айтор, мөөрдүн окуусун түшүрө баскандай, даана кыттай салмактуу айтымдар арбын, жол тууралуу...

Жогоруда, экинчи ырымда айткандай «жалама зоо, аска аралап өтсө да, үйдү карап алып барчу жол кайда!

## АТА ЖУРТ

Ата Журт — уулга мурас.

Абалтан ата-бабаларыбыз өзүнө энчилүү бир жер бучкагын ээлеп, ошол аймакта көчүп-конуп, жайлап-кыштап келген эмес-пи. Андыктан, туулган жердин күнү гана эмес, түнү да ысык.

Жарыкка көзүм ачканда,
Жайнаткан жылуу чырайын.
Сызында сулап жатсам да,
Жалп өчүп жашоо чырагым —
Ата Журт койну эң ысык!

Шыраалжын, шыбак жыттуу кыя жолдо ат тизгинин коё берип, таттуу кыялда өр беттеп келем. Суусап келем... Эңсөөнүн суусундугуна!

Мынакей, айтылуу Көк-Булак… аттан түшүп, мында жашап өткөн атамдын арбагына куран түшүрдүм. Анан булакка жүз чайып, кочуштап, таңдайыма жибек агымын жибердим. Жан дүйнөм сергий түштү.

Көк-Булак ашуусунан төмөн эки атчан түшүп келатат. Соң-Көлдөн жакага бет алгандар да. Алар да көлүктөрүнөн түшүп, булак боюнда аяк суна, бой жасай олтурушту. Тек олтурушпай, менин жөн жайымды иликтеп-жиликтеп сурап, аңгеме дүкөн курушту.

Экөө тең кыйыр тууган, бала кездеринде Жаркынбайдын тиги коктудагы үйүнөн даам татышкан болуп чыгышты. Тиги коктудагы үйү… (1954-жылдары) анын уранды дубалдары эле калганын көргөм.

Мезгил ташты да талкалайт тура…

Атамдын канча бек согулган Дароо-Өт (Алайда), Кошой-Коргон (Ат-Башыда) жана башка чептер да бүгүн кандай абалда?.. Баары-баары… Тоолор урап, таш болуп, ташы эрип, кумга айланган мезгилдер… Санжырада биздин эле Теңир-Тоо сегиз жолу мухиттин түбү болгон деген божомол бар… Ыр менен сүрөттөгөндө: «Кара жердин «карыны» жок тойдум деген…»

* * *

Айылга барган сайын тоого үңүлөм,
Ал жактар кымбат элес карегиме.
Тээтиги жарчалардай үңүрөйгөн,
Замандаш билесиңби, ал эмине?..

Тарыхый жайлар эмес алар анча,
(Керексиз тарыхчынын талдашы аны),
Жөн гана тууган жердин турпагынан,
Тургузган аталардын там-таштары.

Эң алгач эркиндиктин тосуп таңын,
Жашашкан мында алар очок ала.
Андагы бешик тоюн жаңы өткөргөн.
А бүгүн жигит болду ошо бала...

Ээнсиреп, эркиндиктин таңын тосуп,
Эскирип, эске салып ошо кезди.
Али да аталардын үйлөрүнүн,
Бир жаккы дубалдары турат эски...

Ырды кайра бир окуп, күтүүсүз оор үшкүрүп алганымды өзүм кийин билип, өзүмчө кайра жылмайдым. Ойлоонун туу чокусу — үшкүрүк турбайбы, көрсө...

Бул коктудагы үйдө төрөлгөнүмдү, үйдү атам кантип салганын (төмөндөгү айыл-кыштактан обочолоно) ошол мен жетинчи класста ата журтка алгач келгенде карылар айтып беришкен эле. Алардын айтымында, Жаркынбай мал жандуу киши экен. Колундагы малынан айдатып, базарда пул кылып, пулун тамга керектүү темир-тезекке, жыгач-устунга жумшаптыр. Анда төмөндө, Кара-Чийде там-сарайлар али түшө элек болот... Демек, атам алгач там күтүп, Көк-Булакка отурукташкан «кызыл» дыйкандардан экен да...

Үч жашымда мында көргөн, эсимде элес-булас калган окуялар булар: атамдын тузак тартып, там артынан чил тутканы... «Учаар» аттуу тайганын ээрчите кыргоол, кекилик атып келгени... Керкиси менен кемик чаап, мага шимирткени...

Ата журттун асылдыгын элибиз тербип барган асыр, бөтөн жерде, Улуу үркүндө өз башынан өткөрбөдүбү... Бир айыл эмес, кыйла эл-журт тербиди. Ошондо ар адамдын керт башына түшкөн азап, айта келсек, оор да, ар түрдүү. «Ата журтум» — деп канча пенде иңгиреп ыйлап, чет жерде көз жумду. Улуу

үркүндөн 80 жыл өткөндөн кийин да Кытайдан өз журтуна качып, кайткан Шаймерден Ибраимов деген эргул жөнүндө окуганым бар. Кытайда үркүндү билбеген түпкүлүктүү кыргыз журту бар экени белгилүү. Бирок… Бирок эмес, 10 октуу тапанча такап, тактай тээп, опузалуу суракка алса да «Мен — Кытайдын эмес, Советтин кыргызымын» — дегендер чанда болсо да, болгон тура. Андайлар амал таап, Ата журтуна адам басчу өзөн бою эмес, кайберендер жүргөн аска-зоо аркылуу жетишкен. Ушундан улам Ата журт ар качан — өзүнө арбап, көңүл шооласын тартып тураарын билдим.

...Ысык-Көлгө, кан кудасыныкына Ат-Башыдан бир карыя келет экен. Экинчи таңда ал даарат алганы көл жээгине бет алат. Намаз окуп, көңүлү жайлана, толкуган көлдү сүзүлө тиктеп дейт имиш:

— Ээ, айланайын Ат-Башым!.. Эртең сени аман-эсен көрсөм, арманым жок!..

Бейиштин жээгинде, төрүндө олтуруп, өзөгү өрттөнө пенденин киндик жерин эңсегенин караң!..

Дагы бир икая.

Түркмөндүн ысык, какыраган кумдуу бир талаасында аскер милдетин өтөп жүргөн эки саяк аңгек казып жатат экен. Ошондо алардын тушунан боо-сакалы өзүнө жарашкан бир түркмөн карыя эшегин тыпылдата, кыңылдап ырдап баратат имиш:

— Менин гүлдөгөн Түркмөнстаным!..

Айланасын караса, тикендүү сөксөөлдөн башка эч балээ жок. Баа, чиркин, «ар кимдин тууган жери өзүнө Мисир» деген ушул эмеспи!..

* * *

Айтылым болуп кеткен дагы бир сабак:

Көкшүн чал эс токтоткон бирөөдөн сураган тура:

— Жөн жайыңды айтып тур эми?..

— Мен саякмын. Болгондо да төл саякмын.

— Ээ, урпагым, саяк жүрбөгөн жер барбы? Көңүлүңө түйүп ал: ар ким эң алды Ата журтун, анан барып ата-тегин айтат...

Ошентип, ал көкшүн санжыранын бир капталын чолуп өтүптүр.

Эми, Ата журтумдун ажарын айта кетейин...

Ата-бабаларыбыздын күрдөөлдүү конуштары — Базар-Турук, Жаңы-Арык, Кара-Чий, жалпысынан Кызарт деп аталат. Эки жээк коктуну ээлеп, баары тоо боорунан төмөнүрөөк араанда жайгашкан. Узундугу да оозунду араандай ачырат. Соң-Көлгө үч ашуу — Өзүбек, Көк-Булак, Кара-Чий — ээрдин басмайылындай какшайып жатат. Көрө элек тооң бардык тоодон бийик дегендей, чал баш (ак мөңгүлүү дегеним) аскалардан куру эмес.

Жериң ээр белдүү, бийик болсо, көңүлүң ошончолук бийик көтөрүлөт. Чалкыган, жайык көлүң болсо, көңүлүң да ошончолук бийик толкуп, сапырылат.

Бел ашканда —

Алдың жайык көгөрөт,

Көзүң — көлдү, көл — көзүңдү чыгарат!

Тескейдеги айры — өркөч кырка тоо —

Эми, мына жаткан төөлөр чөгөлөп...

Ал бото көз булактарычы!.. Чет-Булак — бул айылга кире бериште, Көк-Булак — жогоруда айтылды го. Калганын айтпай да, санабай да коёюн...

Эми купасы... бир да бучкагында таз талаа кездешпейт. Жону — жайлоо, төшү кыштоо. Жароокер кыз койнундай кокту-колоттору жумшак да, салкын да...

Кыскасы, Ата журтум дүйнөсү түгөл, майлуу жер! Бул борбордо жатып алып, дайыма ал жакты үшөйм. Үшөйм да, элес кылып көзүмөн түркүн түстүү көрүнүштөрдү өткөрөм.

...Тогуз-Торонун койнунан, Нарын дарыясынын алп тегирмендей айлампасынан чыгып, чоң агымга түшүп, 1954-жылы борборго келдим. Андагы айтылуу №5 орто мектепте окуп жүргөн кезим эле. Ошондо мурда көрмөк турсун, атын укпаган бир кара киши мени издеп келди. Аталаш агам Нургазы экен. Көрсө...

Узун куйрук сагызган,
Кыска куйрук доошкан,
Кыйындыкка иш түшсө,
Кыйышпайт экен туушкан!

Кийин, окуудан эс алууга тараарда (шопур эле) атайы келип кабинкесине жанаша олтургузуп, айылга алып жөнөчү.

Атамды, апамды көрүп калган карыялар, байбичелер мени өз баласындай эркелетишет:

— Ох-оо! Жаркынбай молдокенин уулу турбайбы!?

— Их-ии! «Чоң шакек» жеңенин эрмеги келип... (байбичелер Билерик апамды «Чоң Шакек» деп тергешчү тура). Эркелете бетимен өбүшөт. Мен да «Ии» — дейм ичимде — «Атаңды көргөн өлбөсүн», «Энеден башка эне жок» экен да.

Биздин эки энебиз болгон. Биринчиси — Билерик. Төркүнү Ак-Талаа аймагы. Ал толук, ак элечеги ак жүзүнө куп жарашкан, оймокчу, кошокчу жан экен. Өйүз-бүйүз айылдан сөөк чыкса, атайы ат коштоп алдырышчу тура. Үнү алда кайдан угулуп турчу дешчү, көрүп калгандар. А мен койнунда чоңойсом да, элесин көз алдыма даана келтире албайм.

Атам экөө канча жыл жашаса да «ат токуур» — уул же «кырк жылкы» — кыз көрүшпөйт...

Ошондо апабыз акыл калчап, бул бүтүмгө келиптир:

— Байым, мен төшөгүмдүн жат бирөөгө тепселишин каалабайм. Төркүндөгү өзүмдүн эле сиңдиме нике кыйдырайын. Ын-

тымакта чогуу оокат кылалы?.. Тагдырдын буйругу ошо экен, сыр бешикте биринчи ымыркай ыңаалайт...

Кичи апабыз — Быты. Төрөп бергени эле болбосо, бешик терметип төрдө отурбаптыр. Эпчи жактын эбин таап, үй оокатты жаны тынбай тың тейлечү жан болуптур.

Бири «байым», экинчиси «байбичем» — деп, экөө күнү бүтүп, аркы дүйнөгө акыры бир күндө кете беришиптир. Ошондо да Билерик апабыздын чоң ак элечеги экөөнө кепиндикке жараган экен... (андан кийинки көргөн күнүмдү, ичээр суумду биринчи китебимде баяндагам).

* * *

Үй-бүлө күтүү илгери өзүнчө ыгы менен болгон экен да. Анда эркек таналар, колунда болсо, бирдеп-экилеп катын ала берчү турбайбы. Жагдай ошондой болгон. Канчалык тукуму көп болсо — бели бек, айтаар сөзү эп...

Тукумуна карап, арбын жер ээлеген. Жоого аттанганда, кол эсебине кирген...

Бирок, күнүмдүк тиричиликте күндөштүн күнү да күндөш, күлү да күндөш, «Эки катындын баласы — эки уруу элдей» болуп келген тура.

Муну мен жөндөн-жөн айтып жатпайм.

Биздин айылда, «жогорку мойнок, төмөнкү мойнок» деген эки уруу бар. Эки деген менен бир эле тукумдун урпактары. Байырда жети ата өтмөйүнчө бири-биринен кыз алышчу эмес экен. Ошо жогорку мойнок агам, экономика илимдеринин доктору, профессор Шайлообек Мусакожоевдин «Бабалар баяны» китебин окуп жатып, бул окуяларга туш келдим.

«... Курманкожо бай Шурубек деген кызга үйлөнөт.

Андан беш уул көргөндөн кийин каза болот. Жесир жеңесин Күнтууду кайниси аламын деп, сүйлөшүп жүргөндө, Кур-

манкожонун жылкычысы Андакул да алгысы келип жүрөт да, Күнтуудуну өлтүрүүгө ниеттенет. Аны шекшип калган эл Күнтуудуга эскертип: «Этиет бол! Сени жаздым кылып койбосун, Андакулдун ниети бузук», — дешет. Бир күнү короонун четине күндө жаткан дөңгөчтү коюп, ага кементайын жаап, тебетейин кийгизип коюп, сырттан байкап турса, түн ичинде таңга жуук Андакул келип, дөңгөчтү жаа менен үч-төрт жолу атып, анан чаап кетет. Мун байкап турган Күнтууду элдин сөзүнүн чындыгына көзү жетип, жаанын огун дөңгөчтөн сууруп алып, үйгө, жабыкбашка сайып коюп, кымызга келген элге жаанын жебесин көрсөтөт: «Бул кимдин жебеси», — дейт. Анда эл: «Андакулдун жебеси», — дейт.

Андакул мени түн ичинде атса, мен аны күндүз эле атайын деп, жаасын тартып жиберет. Андакул колун көтөрө койгондо жебенин огу бармагын алып кетет. Андакул Чүйдөгү казактарга кире качат.

* * *

Айтылуу бай бабабыз Курманкожо бир бээ союп, эки бөлүп, эки үйүнө берчү экен. Кайсыл үйгө жатса, ошол үй талаага бүркүт жайганы чыкканда кешик бышырып беришчү тура. Шурубектин үйүнө жаткан күнү улуу аялы Токобек ага жардамдашымыш болуп чучук жасап, ичине курмушу тыгып коёт. Аны Шурубек билбей бышырып, талаага салып жиберет. Кулжугач менен Курманкожо бирге бүркүт жайышып, эс алганда куржундагыны жешчү экен. Курманкожонун куржунун алып келип, этти алып жеп, чучукту жарса, курмушу чыгат. Ызаланган Курманкожо жигиттерин үйгө жиберет: «Шурубекти өлтүрүп, канына көйнөгүн боёп келгиле», — дейт. Жигиттери келип, болгон ишти айылга айтат. Анда соода кылып келген Маматакун деген адам: «Бул бечараны мага бергиле, бул эчкини өлтүрүп,

канына көйнөгүн боёп, байга алып баргыла», — дейт. Буга макул болушат. Маматакун Шурубекти Хотен шаарына алып келатканда, жолдо эркек төрөйт. Атын Жолболот коёт. Бир топ жыл өткөндөн кийин Касыгул бий Хотен шаарынан келе жатканда, жолдо тезек терип жүргөн Шурубек ага жүгүнөт. Болгон ишти түшүндүрөт. Касыгул бий Шурубекти баласы менен алып кетет. Ал кезде бийдин айтканын аткарышчу экен. Курманкожо кайта алат. Бала Хотен шаарынан келгендиктен, Жолболот дебей, Котон аталып калат.

* * *

Мынча болду Билерик апабыздын бир окуясын айта кетейин.

Ал кошоктон тышкары, оймо оюп, иш кармачу да экен. Ичик, тон, кемсел тигип, тебетей, топу, ак калпак шырып дегендей...

Кийин атам Анжиянга мал айдатып, ал жактан «Зингер» кол машинасын алдыртып берген тура. Ал азыр да үйүбүздө, байбичемдин колунда. Зымылдап иштейт.

Жамыйла эжем мындай бир окуяны божурап калчу.

— Жумгал эли да үркүп, Турпанга тербий баштаганда...

Ошондо апабыз атынын канжыгасына «Зингерди» таңып, артып жатса, атам ачууланат имиш:

— Эл кара жанын канжыгага арта албай жатса, бу сен кара темирди жүктөнөсүң.

Анда апабыз айтат дейт:

— Кийлигишпе! Турпанда сени ушу «темир» менен багамын!..

Эжемдин дагы бир божураганы бар:

— Атаңар ит агытып, куш салып, мүнүшкерлик кылчу. «Учаар» деген тайганы түлкү тиштеп келгенде, «апасы» Билерикке эркелеп, дегеле болбойт, өзүнө арналып жасалган сай-

малуу көрпөчөдө эки бутун суна жатчу. Жолу болбой калганда «уялганынан» тумшугун катып, улагада ачка... анда да «апасы» аны алдап-соолап, башынан сылап, эптеп ооз ачтырып...

Апабыз сөзгө чебер, тили курч да жан экен. Кайын ага, инилерине келиштире тергеме ат берчү да тура. Баарын коюп, өзүнүн жакын кайын агасынын кебетесине карап тергегенин айт. Анысы — Ыйманалы чачы камгактай киши экен. «Күрпүк аке» деп жүрүп, өз аты унутулуп да калган...

Бир инимди Күрпүктүн агасы багып алып, аты-жөнү Тезекчи уулу болуп жүргөн. Кийин ал кайтыш болуп, жаназа окуганда Ыйманаалы баласы деп айтып жатса, бирөө «мыш айтып жатпайбы, Күрпүктүн баласы эмес беле?!»

Жаңылбай калсын, жерге ар маркумдун азандагы өз аты, атасынын аты так айтылып берилет, шариатта.

* * *

Мындай бир чанда айтылчу макал эсимде:
Баланын уяты атага...
Же «атаңа наалат!» — бул канчалык уу каргыш!..
Кыябы келгенде, бул ырымды кыстара кетейин:

Кээде мен үйгө келем маанайым пас,
Кайдыгер... үй-жайымды унуткарам.
Ошондо, атам төрдө... сүрөтүндө,
Алдына айыптуудай туруп калам.

Кээде мен үйгө келем маанайым пас,
(Бардыгы суз көрүнөт маңдайымда).
Сүрөттө сын көз менен назар салып,
Анда да атам менин маңдайымда.

Атанын өзү турсун, аты да ыйык,
Муундан-муунга өтүп, урматталат.
Сүрөтү, көзү өтсө да, бизди дайым,
Аталык айбат менен карап турат...

Аталык мээрим, аталык айбат, менин сезимимде, мына ушундай...

Ортончу байкем, Ысын (Ысламидин), атама өтө түспөлдөш экен, эл айтымында. Мен андан улам байкемден атамды көргөндөй болом. Бир кызыл ээк кемпир балдарын минтип эркелетет имиш: «Балдарым, балдарым — башы-көзү чалдайым»... Карачы, кандай эстүү сүрөттөө!.. Балдарынын башы-көзүн көрүп, чалын көрүп жатпайбы, жарыктык эне...

Ырымда айтып жатам го, «Атанын өзү турсун, аты да ыйык»... Элестете албасам да, Жаркынбай деген аты эле мага канча колдоо көрсөтүп келет алиге...

* * *

Эмки кеп — ошо айтылгандагы айрым бир адамдар, алардын жандуу өмүрү жөнүндө...

Атамдын үйүнөн анча алыс эмес жайда Отор балбан жашачу. Анын өзүнчө, аңчылыкка ылайык бастырмасы болоор эле. Эл оозуна алынган ылакапка айланган ошол балбан менен аңгеме-дүкөн куруп калган жайым бар. Үйүбүздүн алдындагы дөңсөөгө келип, мандаш токуна олтурганды бир «Тоо» көчүп келгендей эле көрүнчү. «Тоодой болгон Оторду томуктай Торсо которду». Бул ылакап К.Юдахиндин сөздүгүнө да кирген. Мында сөз учурунда болуп өткөн бир эр сайыш жөнүндө.

Ошо дөңсөөгө айылдан тез эле бирин-экин киши чогула калчу. Чогулгандар, бир чети сыйлап, тымызын козутуп тамашага да чалып, аны сөзгө тартышчу.

— Мына бул балаң гезитчи. Мына бу гезит ушунуку. Ишенбесең оку!

— Нургазы байкем өтүгүнүн кончунан «Ленинчил жашты» суурул чыгат. Колуна карматат. Чынында эле анда мен ушул гезитте иштечүмүн.

— Каран калган дүйнө! Каяктагы — окуу?.. Актан караны таанббай калбадымбы... (агы кагаз, карасы жазуу).

Ошондо, ал чамасы жетимиштин арасындагы чал эле. Кийин мен кызыгып, анын короосун сыртынан карап өтчүмүн. Короосунда таң атаар маалда аты токулуу, туурда — бүркүт, тордо — түлкү... Анан ал тоо таянчу. Жакада жаны жай алып отура албады.

Баягы анча эгиз эмес дөңдө кээде экөөбүз жалгыз олтуруп, ууру да кыла аңгеме-дүкөн курчу болдук.

Дүкөн демекчи... Аркы көчөдөгү кадимки эле дүкөндөн мен бир зом кара-кызыл шарап көрсөтпөй апкелип, керденге көздүү-көздүү кылып куюп, кымыра жуткуруп ийчүмүн.

Бою жибип, өңү албыра бак-бак сүйлөй кетчү:

— Эр сайышка көп түштүм. Болуп турган чагыңда бопорос тартып бурулда болуп, кыйла найзакерди аттан көмөлөткөм. Иттики ай,.. аштагы беттешүүдө байкабастык кылдымбы, өзүмдүн атыман которулуп түшпөдүмбү!.. Иттики ай!.. «Торсо, чыны томуктай» эле бала болуп көрүнгөн көзүмө... Ошентип, көзүм кашайбадыбы.

Ошентип, өкүнүп калаар эле Отор балбан...

Заманында, элде жетиштүү эле эрлер болгон. Ушул эле Базар-Турукта биздин тукумдан чыккан Кашкар баатырчы!..

Ал тарыхта жазылып калды (ооба, кыргыздын узак тарыхында эли-жерин чет душмандардан коргогон баатырлар көп чыккан). Баары кийинки муундарга үлгү.

Колумда турган «Бабалар баянынан» муну окуйм:

...Казак ханы Кенесары Касымов 1847-жылы көптөгөн миӊ аскер кошууну менен кыргыздарга кол салган. Анын баскынчылык жортуулу Мерке тараптан башталып, үрөй учурган мыкаачылыгы, ырайымсыздыгы менен эл эсинде калган. Бул чапкынчылык согуштун ызгаары кыргыз урууларынын башын бириктирген. Солто, сары багыш жигиттери стратегиялык мааниси чоӊ Кекиликтин сеӊирине кошуун топтоп, жоонун жолун тосушкан. Жумгал саяктардан төрт жүз жигит Шамшы ашуусун ашып келип, аларга кошулган. Ошолордун арасында он сегиз жаштагы Кашкар да бар эле. Баатырдык нарк менен салт кандуу майданда, каардуу, капсаӊдуу кармаштарда көрүнөөрү эзелтен белгилүү эмеспи.

Жашынан тоо жүрөк атанган Кашкар Кекиликтин сеӊирине жакын жердеги кара коӊуздун чыгыш жагындагы Май дөбөдө болгон ошондогу кыргыз-казак кандуу согушунда жекеме-жеке беттешүүдө казактын баатырын сайып түшүргөн. Ошол эрдиги үчүн ага «Баатыр» деген атак берилген. Ал тууралуу белгилүү тарыхчы Кушбек Үсөнбаев 1998-жылдын 22-июлунда «Эркин Тоо» гезитине жарыяланган «Ормон хан» аттуу илимий очеркинде баяндаган. Ошондой эле, бул тарыхый дарек кыргыздын биринчи тарыхчысы Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхынын» экинчи томунда да тастыкталган.

Кашкар баатыр Кызарттын белине таянган чөлкөмдө «Кашкар-Булак» аттуу жерде жашап өткөн. Сан жылкылуу туугандарына, элине карамдуу, сырттан адам болгон экен. Эл оозунда «Кашкардан кайыш артпайт» деген сөз калыптыр. Анан маанисин чечмелесек, ал жылкыларынын бир тобун кайыш тушамыш менен атайы тушап жашырчу экен. Себеби тушалган жылкы жоо тийгенде үйрүнөн бөлүнүп артта калат да...

Эл оозунда Кашкар баатырдын намыска бектиги, көк жалдыгы аӊыз болуп айтылат. Атасы Жанбото Умуке аттуу экинчи

энесинин колунда дүйнөдөн кайтат. Кашкар баатыр бир топ адам менен келип, атасынын сөөгүн алып кетмекчи болот. Жанботонун дагы бир уулу Жонбасар «өзүм коём» деп бербейт. Ошондо кадимки Нусуп бий арага түшүп: «Балам, колуң тайкы Жанботонун сөөгүн кандуу моюн Кашкарга чыгарып бер», — деп чечкен экен...

— Бий ата, беш кызым бар. Байгеге сайып жиберем! — дейт.

— Атасы өлсө, баласын байгеге сайган наркта жок. Балам чын батамды берейин, — деп оң бутун үзөңгүдөн чыгарып, бутун аттын жалына коюп: «Балам, малдуу, баштуу бол!» — деп бата берет.

Ошондо Умуке эне каалганы жаап бекитип, сөөктү капшыттан берет. Каалганы ачса, бата чыгып кетет экен.

Баатырдын урпактары азыр үз жүз чамалуу эл болуп, Жумгалдын Базар-Турук айылында, Бишкекте, Ак-Талаада, Ысык-Көлдө жашап, укум-тукумун улап, эл кызматын аркалоодо.

Шайлообек Мусакожоев да дал ошол Кашкар баатырдын кашкайган кийинки урпактарынан.

Баатырың деле бир киши да. Эми ошол бир кишилик айыл адамдарын сөз кылалы. Тырмакчасыз эле чыныгы чилтен эки агам эстен кетпейт.

Үмөтаалы байке кийин дарттын айынан үйүндө олтуруп калган экен. Качан барсам, өнөктөшү жокто өзү менен өзү чатыраш (шахмат) ойноп отураар эле. Гезит-журналды окуганды мындай кой, жаздык башында «Манас» жатчу. Радио (анда теле берүү кеңири таркай элек) «жаагын» жанып турганы-турган.

«Махаллада дуу-дуу кеп» дегендей, күндөлүк жаңылыктар эс тутумунда түрмөк-түрмөк... Мен алыска, өзүм жашаган калаанын, ал мындагы махалланын көчө-көчөнүн, опур-топурунан олуп-чолуп, чай менен кошо сөзгө тердечүбүз, жай олтуруп...

Экинчи байке — Мукамбетаалы. «Сельсовет», «Кызыл үйчү» да болуп жүрчү. Ыр да токуп койчу, кээде. «Ичээр суум бүткөнчөдө» (биринчи китебимде) мага арнаган ыр саптары келтирилген.

Бир сапар келишимде, ал Соң-Көлгө чыгыптыр. «Кызыл үйүнө» жетүүгө кызыгып, мен да көлгө бет алдым. Малчыларды гезит-журнал, китеп менен карк кылып турган чагы экен. Мен да «Манасты» окуп эле жатып калдым. Алмакан апа мага жалооруй суранат, кээде:

— Алиги «Манасыңдан» кыз Сайкал жөнүндө окуп берсең, балакетиңди алайын...

Окуп берем. Манас менен Сайкал эрегише сайышка да түшкөн тура. Экөөндө махабат да болгон тура...

Эми байкелердин бырс күлө турган жоруктарынан.

Төрт эргул (жылкычы, уйчу, топозчу, койчу) карта «чабышып» олтурушат. Жөн чабышпай «беркиден» да, «беркиси» — бөтөлкө түгөнүп калганда, үй ээси артка бурулбай эле, артындагы жыйылган жууркан — жүккө колун сойлото, бирин сууруп чыгат. Кайсы жууркан, канчанчы «кабат» экенин «беш колундай» так билет (көрүп алып, анда да ооз ача бырс күлгөм).

Ушулардын экөөнүн картасыз эле, ат үстүндө жанаша баратышып, оозеки «бети калды» ойногонун уктум (карталарын экөө тең үйгө унутуп, калтырып коюшкан тура).

— Ка-ап! Жана карганын алтылыгын жүрбөй койсом эмне!? — дептир өкүнө, утулган саяк.

* * *

Элеттиктер табиятынан энөө келишет.

Бир жолу шопур Нургазы байкем апасы Алмаканды, аялы Зарылбүбүнү машинасына салып, эл көрсөтүп келгени Кочкорго бел ашып келет. Базарлап бүтүшүп, түштө ашканага ки-

ришет. Апасынын алдына лагман, манты коюп, чай алып келгени артка жөнөйт. Аялы эмчектеги баласын эмизип олтурат. Ошондо Алмакан апанын үстөлдөгү ак кеседеги ак кумшекерге көзү түшөт. Ачкачылыкта таттууга кор болгон жаны андан лагманына уучтап салып коёт, уурдана. Көп өтпөй, «алың, келиң» башталат. Апабыз бир илим кесмени оозуна салып, тим болот... Бая ак кеседеги ак туз экенин ал кайдан билиптир... Ошентип...

Ал Зарылбүбү берки «зарыл» актан итап ичип, акыры жолго чыгышат, үчөө. Төртүнчүсү, эмчектеги ымыркай уктаган, оролуу бойдон ашканада кала берет. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей, бала эске келип, «кокуйлап» кайра келишкен тура. Кийин ал «таштанды» чоңоюп, ээнбаштык кылганда, апасы урушчу экен:

— Ошондо эле сени биротоло таштап кетсем эмне! Эми, көрбөйсүңбү, тилимди албайт такыр!..

Цивилдешкен жапайылык эң коркунучтуу жапайылык турбайбы. Эрежелерди кантип бузууну турмуштун өзү эле үйрөтүп коёт. Цезарды түшүнүү үчүн Цезарь болуштун кажети жоктой...

* * *

Ошентип, мен дайыма ой-кыялдын кыясында, андагы бабалар баскан чыйырында балкып жүрөм. Жалгыз калып, кээде өзүмдү да унутам... Кайра эсиме келем.

Ата журтум!.. Сен ар качан Жанжайлоомдун туу Журтусуң!

Булут болуп,
Ойлор көчөт башымда,
Чагылгандай жарк-журк этет элестер.
Артта калып, өтүп кетти бачым да,
Балалык кез, кыя жондуу белестер...
Мен өмүрдүн

Жазам кечээ, бүгүнүн,
Уйку көрбөй, кээде кыял түн жиреп.
Текке, бошко кетпесе деп бир күнүм,
Калемимдин сабын тиштейм тунжурап...

## ТАЙ ЖУРТ

Тайата, тайэне, тайэже, тайжеңе, тайжезде... айтылмыштар таяна турган жөлөгүңдөй кулакка урунттуу урунат!

Тай журту жакшы кандай —
Аркаңды сүйөөр тамдай!

Баа, чиркин, сөздүн бабын таап айткан макал, бул.

Ар бир тил бүткөндүн, жер үстүндө, алыс болсо да, тай журту бар. Атактуу Гумилев: «Кандай гана эл болбосун, баары башка атадан, башка энеден келип чыгат», — деп таасын айткан эмеспи!

Өзүбүздүн эле ата-бабаларыбыздын салтында, ортодон жети ата өтмөйүнчө, бир уруудан үй-бүлө күткөнгө жол берген эмес да. Биринин атасы кыргыз, энеси казак, биринин атасы казак болсо, энеси кыргыз... Ушундан улам «аргын» деген уруу да келип чыккан.

Кайталап, баса айтам: биздин эле Кызартта мойнок деген чоң уруу бар. Ал жогорку мойнок, төмөнкү мойнок болуп экиге бөлүнөт. Өткөн урууч улук заманда булардын уул-кызы бири-бирине баш кошо алышчу эмес тура. Анткени «жогорку» менен «төмөнкү» уруунун түбү бир ата болгон да...

Азыркы ааламдашкан заманда өз ата, өгөй ата балдары бир эле фамилия алып калышпадыбы... А илгери баары палан уруу, паланча уруктун, паланча кишинин баласы экенин так билишчү.

Фамилия урунбоонун дагы бир себеби: ар бир урук бирге көчүп, бирге конуп, бири-бирин өңүнөн тааныша турган.

Ат арытып, алыс кетишчү да эмес. Башка журтка мейманга барышса, сурамжылагандарга өз атасынын ысымын гана аташкан. «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» — улам мезгил өткөн сайын жандана баштаса керек...

Кытай жазмаларында «байыркы кыргыздын өңү — сары, көзү — көк» деп берилген. Муну окуган бир акын Саякбай Каралаевге айтса, ал өкүнгөн имиш:

— Аа, кокуй! Анда кыргыздан Аалы (Токомбаев) менен Молдогазы (Токобаев) эле калган турбайбы! (Ал экөөнүн тең өңү — сары, көздөрү — көк эле).

Буга ишенеби, ишенбейби, бүгүнкү муун?! Кантсе да, мезгилинде ошондой болгондур...

Бу күндө телефон, телеграмма, телетайп, телевизор деген аталышты «бешиктен бели чыга элек» бала да билсе керек. Анан да илимде «Телепатия» деген тармак бар.

Жалпысынан «теле» деген термин гректин «алыс, ыраак» деген сөзүнөн алынган. Эне жүрөгү опкоолжуганда, алыстан эле өз туюгунун (баласынын) кандай абалда экенин сезет, туят (телепатия).

Дарыгерлердин далилинде ымыркай алты айында эле энесинин курсагында жатып, анын үнүн угат тура.

Адам пендеси гана эмес, ар бир айбан да өз тукумун «өгөйдөн» айра алышаары белгилүү.

Калкта «Төө баласы — төрө баласы» деп айтылат.

Анан да мындай макал бар: «Төө баласын карпып (карпып — тиштейт деген мааниде) сүйөт». «Бир тайлактын энесин көп төө ичинен издеп, бир конушта чоң мелдеш болот. Ошондо журттагы — Сан өркөч желп-желп этип, чубайт төөлөр, Көчкөнсүп бет алдынан кудум тоолор»...

Алардын арасынан тиги тайлактын энесин карт төөчү таппайт, жок болуп чыгат. Акыры ал тиги коктудагы коргонго барып, Чуудалуу, Карт ингенди көзү чалат. Көзү чалат да:

— Энеси мына бул! — дейт.

Далил үчүн карт сабан тайлактын төрт аягын кыл аркан менен төрт жакка кере тарттыртат. Бото боздоп, чаңырып иет. Ошондой өзүнүн каны-жаны менен бүткөн баласынын ачуу үнүн уккан (коргондо онтоп жаткан, жүдөп калган) карт эне топту көздөй жүгүрүп келатат дейт... Ал да оозунан көбүк чача буркулдап! Көрдүңүзбү, ичтен чыккан ийри жылан деген, ушуну...

* * *

Шыбак түбүндө, уясында өз жумурткасын (уйгурча ымыркайын) коргогон, ал үчүн канаттары кайрылган куш болуп, бырпырай жөргөлөп, куу түлкүнү артынан ээрчите алдаган кара торгойлорчу... Там бооруна (ал турсун үй ичинде) таруудай топурак-ылайдан уя токуган чабалекейлерчи! Бирде «атасы», бирде «апасы» күн бою тынбай жем ташып, кезеги менен ар бир сары оозун тоюндуруп, жерге кулап түшпөсүн үчүн буттарын кыл менен тушап...

«Жээн эл болбойт, желке тон болбойт», «Жээн келди дегенче — жети бөрү келди да»...

Бул сөздүн жакшы да жандырмагы бар:

Жээн — эл болот сый жарашса, желке — тон болот ийи жарашса. А бөрү келгиче дегени: — жээни тай журтуна эркелеп, каалаганын жулуп кете берчү да.

«Тон» болбос, «Бөрү» жээни —
Тоодой чоң сыйга арзыгам.

Ак сүттүү Эне мекени
Кутулам кантип карзыман –
Төр барбы Тай журт төрүңдөй!..
Ак-Талаа – менин Тай журтум!

Аты эле айтып тургандай, ак чополуу, адырлуу аймак. Илгери, бир төкмөнүн бири минтип чымчып сүрөттөгөн тура:

Ак-Талаа, Тогуз-Тороңду
Ашыра мактап койдуңбу?
Агарыңкы көрүнөт –
Акиташ сыйпап койгонбу?!

Акиташка да, асыл ташка да бай жер...

Дөрбөлжүн – менин алгачкы ажайып борборум, там-көчөлөрдү көргөн күнүм эле. (Дөрбөлжүн – төрт чарчы же шырдак деген маанини берет. Бир жылдары Кытай менен мамиле бузулганда, аны Баетов атына которо салышпадыбы, атка минерлер).

Ата-энеден үч жашымда ажырап, айласыз тай журттун жерине жетип түшүпмүн (Аны аңгемемдин кайсы биринде чолуп өткөм). Мектепке жашым жеткенче ошо жылкычы Нурманбет тайатамдын, ажаан Айдаркан тайэнемдин колунда өстүм. Чатыр-Көлдө, Арпа, Ак-Сай, жайлоо-кыштоодо кайдагы там-көчө?.. Тигинде-мында эки-үчтөн боз үйлөр. Боз үйдөн четте желеде – кулундар. Колот, бетте төрт түлүк мал.

Байбичелер бээ саап, кыз-келиндер саба бышып, эр жигиттер ат көлүгүн иреттеп... Мадыра баштар куулуктагы чүкөлөрүн калчап, кумайыктар көлөкөдө төрт аягын суналта уктап...

Айланада күндө кайталанчу көрүнүш бу.

Чатыр-Көл – чатыры жок көл болсо да, жаанда кап жамынган кыздары менен сулуу экенин кийин ырга айланттым.

Эгер мен
Ээси болсом кыл калемдин,
Эндейсиз тартмак элем тоо килемин.
Жашыл төр кочушунда сымап сымал,
Чатыр-Көл чатырайт го, оголо тим!..

Непаадам,
Бийиктикке чапса көөнүң,
Белине «Котур-Таштын» чыгып көргүн:
Сулуунун ууртундагы калдан бетер,
Тартылат бүт чырайы Чатыр-Көлдүн...

Төрт түлүк,
Онтойт, баспай сезимдери,
Үйлөнгөн чоң, чаначтай чебичтери.
Төөлөрү өркөчтөрүн нурга жууган —
Тоолор бейм, көчүп жүргөн тегиздеги...

Гүл жыттуу
Сабаларда кымызычы,
Албырат байбичелер, кызып ичи,
Эндиксиз эки бети чоктон кызыл,
Кылыктуу бойго жеткен а кызычы!..

Жылгадан
Кулпунайдай бөрсөйсө Күн,
Чатыр-Көл жазат түнкү «бырыш» өңүн.
Сыры да, сыпаты да кетпес бул көл,
Эстетет энелердин сыр чөйчөгүн...

Талыгуу –
Түн күзөткөн чырактарда,
Шылкыят уйкусурап шыбактар да.
Чатырап бойго жеткен кыз тариздүү,
«Чатырдын» жайы татыйт, чын мактаарга!..

Күзүн айт!..
Ак кодолу, жашыл шалбаа,
А бирок, оттон албай башын мал да.
Томпоёт карын майлар бакандарда,
Токчулук канткен менен жакшы маал да!..

Кумарлуу
Мергенчилик жайы кандай! –
Беш атаар дүп-п! – бергенде, оозу чаңдай,
– Күп-п! – этет кумдуу чапка кара теке,
Арпанын Ала-Тоосу аңдарга бай.

Ошентип, чаңдуу аяк, гүл чачаар балалыгым Чатыр-Көлдө, тай журтта өттү. Шиберде оонап, суу бойлоп ойнодук. Оромпой тээп жыгылдык, кайра турдук. Жерден эле эмес, жер муштаган тайэнемден да таяк жеп дегендей.

Таяк жеп... Эки жолу ошо Айдаркан тайэнемден ыйлаганым бар. Ошондогу көк чыбыктын ысыгы али да жамбашымды сыздатат, эстегенде.

Жайлоо тегиз бышып, төрт түлүк мал да күтүрөп жаткан маалы. Тайэнем бээ сааганы кеткен. Мен үйдө куулуктагы чүкөлөрүмдү шырдак бетине жая берип, «сасымай» ойногону жаткам. Ана эле күтүүсүз анын ачуу үнү угулду:

– Ээй, усабагыр?! Керегедеги көнөчөктү тез алып чык! Чакага сүт толуп кетти!.. Бол, тез!

Төө терисинен иштелген чоң көнөчөктү лып алып, сыртка атып эле чыктым. Кайдан жин тийди, билбейм, мындай бир ой башыма кылт этти: «Ушу көнөчөктүн оозу башыма батабы? Же-е? Бататэкен. Кийип алып, өзүмчө жыргап, өгүзчө «Өө-ху, өө-ху!»», — деп өкүрүп баратсам керек.

Аңгыча тайэнемдин кокуйлаган үнү чыкты. Карасам, ал эки буту талтайып, өкүрүп, онтоп жатат. Бээ уңулдаган добуштан үркүп, аны чака-пакасы менен кошо жалпайта тээп кетиптир...

Ал, бир топко чейин менде каргыштан кулак-мээ жок!.. Таңылган колун кесеп коюп, каргап-шилеп эле жатты. Кийин колу айыкканда, ошо колу менен көк чыбыкка алып, өлө сабабадыбы.

Даты бир унутулгус таяк...

Тайатам конуш которуп, жаңы журтка көчүп калышса керек. Мени кулундуу бээге мингизишиптир да. Болгондо да калың жүк артылган кулундуу бээ. Үйүр-үйүр жылкылардын артында келатканбыз. Күтүүсүздөн ойноок кулун тиги үйүрлөрдү беттеп, тайтаңдай энесинен бөлүнүп кетсе болобу! Ал энеси мени ала качып, артынан кишене жөнөп бербеспи. Бир ойдуңду keриле аттай бергенде, жүктөн жерге учуп түштүм. Жүк анын бооруна ооп, тепкиленип кетип баратат. Акыры, баягы жууркан-төшөктөн тамтык калбаптыр. Күнөөсүз, мында да бир таяк жегем.

Коңшу балакай экөөбүз дөңдө мандалак казып жеп, кызуу ойноп жаткан элек. Колубузда эки орок, кезектеше жер каза тынбайт. Балакайдын башын жерге салганын кайдан билейин, менин орогумдун учу так төбөсүнөн кайып өтүптүр... Кан жайыла түштү. Өкүргөн бойдон ал үйүнө бет алды. Мен күн батканда карышкыр, чөөлөрдөн коркуп, үйгө келдим. Соо калчу белем, таяк жеп, менин да башым кан жалаган...

Бала кезде балакеттин баары атайын эмес, байкоосуздуктан болот тура. Ал кез ошонусу менен унутулгус экен...

* * *

Тайэнемдин кыялы кырс болсо, Нурманбет тайатам такыр башкача адам эле. Бир да каардуу кемпирине сөз айтканы эсимде жок. Тоодой токтоо эле...

Таң дык салганда эле кымыздын тундурмасынан кер аякка көздүү куюп, дем албай тарта жутуп, анан токулуу атына көчүк баса, тоо таяна жөнөчү. Жылкыларына бет алуусу күндө ушундайча башталa турган.

Сырттын сара, жумшак жели артынан ойноп, кала берчү.

Мен анын жанында бирге жүргөндү көп эңсечүмүн...

Болгону, керегенин аштамын карматып, бутум үзүлгүчө тери тебелеткенин унутпайм. Көрсө, кышында ийленген териден булгаары даярдачу экен. Анан ошо булгаарынын бучкагынан окшоштура куш жасап берчү. Тумшугу учтуу, куйругу айрык-айрык, эки буту ийрейип тилине, кудум эле бүркүтүнө окшоп калчу. Кээ күндөрү Чатыр-Көлдүн жээгине балык уулаганы барчубуз. Ошондогу балыктын көптүгү, үркүп качпай көлдө сүзүп жүргөнү көз алдымда бүгүн да «сүзүп» баратышкандай...

Чатыр-Көл аймагы Кытайга кытатташ келет эмеспи. Орус чек арачылары бош убактыларында көлгө келип, чака-чака балык кармашчу тура. Майда, анча чоң эмес көлмөлөрдө жоондугу билектей-билектей балыктар быкып жүрчү. Узун, сабы жок эле кайырмак жибинин башындагы жемдүү «тилди» каалаган балыгына жакындатса болду, тиги аңкоо оозун ача сугунат. Анан сыртка туйлап чыга келет...

Тайатам (жанында көк дөбөтү бар) орустарды туурап, «кайырмагын» ыргытат. Кайырмагы кадимки эле аттын такасынын кайрылган мыгы. Кармаган олжосун өзү кууруп жебейт. Шиберде туйлап жаткан балыкты ити жыттап-жыттап баса берет...

Карачы, андагы табияттын жан-жаныбарга молдугун!..

* * *

Табият өз сөөлөтүнө мактанып турган кезде, эки-үч күнгө эжем менен жездем бизге келип кетише турган. Айдарканды ыраазы кылып, чай-чамек, көйнөк-кечек дегендей, базарлыксыз учурашуу болобу.

Жамийла эжем кетеринде менин маңдайымдан сылап, бетимен өөп, дагы бир жыл чыдагын деп, жайынча шыбырачу:

— Эмки келиште алып кетем. Сөзсүз, биротоло алып кетем...

* * *

Ошо, эмки келишимде «сөзсүз» деген убадасына туруп, эжем мени алып кетти. Ошентип, көрө турган күнүм ушул экен, тоо койнунан там-таштуу, эшик, терезеси бар бир «бейиш» төрүнө келип түшкөндөй эле болгом...

Жездем Ниязалы уулу Сатаалы Ак-Талаа районунун финансы (каржы) бөлүмүнүн башчысы экен, көрсө. Чыкыя таза кийинип, «Казбек» деген кутучасы кооз бопорос тартат... Турган үйү кенен, короо-жайлуу эле. Дубалда чынжырлуу саат, калдайган кара табак радио, үстөл бетинде гезит-журналдар, үй ичи да өзүнчө эле бир жомок дүйнөдөй көрүнөт, мага.

Өзгөчө
Кызык дүйнө — Элес дүйнөм,
Өзүнчө, чакан бардык музейлерден.
Эшиги, кулпусу жок — сырттан көрөм,
Сакталуу балалыгым ошо-тейден...

Чакылдайт.
Чынжарлуу саат тана санап,

Бакылдайт чоң радио — кара табак.
Чаркылдайт буйлаланган чоң телефон,
Чырк эте, шыпта чырак дароо жанат...

Ошол саат —
Күбүлбөгөн темир «тиши» —
Жок сымал эч ким менен эч бир иши,
Билдирген алгач мага: бар экенин
Жашоодо башка элдин да эрте-кечи...
Эң алгач көзүмдү ачкан бул төрт «Шайтан»
Эң улуу ачылыштар азыр дечи!

Бул, ошол баёо балалыктын таасиринен улам кийин жазылган «Элес дүйнөм» деген ырым.

А мен жүргөн тоо койнунда эмне бар эле? Боз үй ичинде болгону май чырак... Күн менен түндүн аралыгын көз менен болжоп: «таң каракчы», «күн аркан бою көтөрүлгөндө», «көз байланганда», «эл орунга отурганда», «чай кайнам», «эт бышым» деп келишкен. Биринен экинчиси имиш-имиш угуп, ээк алдындагы көргөн жерлерине айран калуу...

Кыскасы, менин Элес дүйнөм ушу тай журтумдун киндиги болгон Дөрбөлжүндө кеңири ачылды.

Бу эне журтка кийин эс алып барып, көп эле «жээн аяктан» чүйгүн эт, бал кымыз ичтим. «Жээн келгиче жети бөрү келсин» болуп, каалаганымды бөктөрүп кайттым.

Бүгүнкү күндө өзүм «аркандалган ат» болуп, тамаркадан чыкпай, картайып калсам да, көңүл кушум тай журт тарапка учуп турат...

# КАЙЫН ЖУРТ

Муну мындай коёлу —
Эми, Кайын Журттан бололу...

Күйөөлөп барып, кыз тандап,
(Кыз эмес, алган бир Элди)
Менчелик бирөө, жалтаңдап,
Кайын Журт сүрүн билээрби!?. -
Кайын Журт — Кут жер, эң ыйык!

Чыны менен эле ошондой да. Кайсы элден кыз алса, ал журт ошол элди да ынтымакка алган болот. Куда-сөөктүн баркы — барып-келиште, бири-бирине сый-урмат көрсөтүүдө. «Куда кудай болбосо да, Кудайдан жудай эмес» — деген макал бар. Илгертен молдого колунда барлар баласын окууга бергенде «эти сеники, сөөгү меники» деп табышташса... Кыз берген ата-эне кудаларына «эти — биздики, сөөгү — сиздики» деп, ак бата тилеп, биротоло узатышчу да. Кыз барган жеринен бак тапсын, биротоло ошол жактын бүлөсү болсун деген ак тилектерин айтып жатпайбы!..

Элде айтыла жүргөн накыл сөздөрдүн башын чыгара да кетели; жаңы келген келиндерге:

Мурдагы кыз күндөгү эркелик болбосун.
Бул жакка келген элиңе жак.
Кайын эмес, ата-энең болсун, баары.
Жаңы келген келин ушак-айыңга жакын болот,
Сөзгө кирише бербе.

Эл ичинде дагы бир мындай ак бата бар: «Бир көлдүн ак куусу экинчи конгон көлүң-буйруктуу, кайын журтуң кайрым-

дуу болсун!»... Бата — бул ыйык Курандын биринчи сүрөсүнүн аталышы экенин эске туталы...

Эне жакшысын — оорусаң билерсиң,
Кайын жакшысын — кыдырсаң билерсиң.

Кайын журтум — ашыркы журттан эмес. Өзүбүздүн эле Кемин районунун аркы өйүзүндөгү эл. Казак эли. Азыркы Кемин (мурда Быстровка) шаарчасынын бет маңдайындагы Михайловка деген айыл. Чүй суусун кечип эле, бозой кезде болочок жарыма — Гүлжаханга канча бардым. Азыр деле кээде ата журтка сапар алганда, анын тушуна келгенде кусалуу карап өтөм...

Анакей тиги өйүздө —
Казактын жөн, бир кыштагы.
Жөн эмес, анда бир кезде
Жарымдын калган кыз чагы!

Кийин, чындап күйөө бала болуп, Нарын кайын атама көп каттап жүрдүм. Токтоо, сыпаа, ак жүзүнө ак сакалы шайкеш келген адам эле. Серечеде малдаш урунуп, Абай домбрасында күңгүрөнгөн бир күүнү чертип олтураар эле. Кайын энем Айшав күүгө шынаарлана жакын олтурганымды туюп, жанына барып, деп калчу:

— Балаңа жакшылап күү тартып берсең боло?..
Ал колун жай шилтеп койчу:
— Баары бир түсүнбейди гой... Бул эски күй да...

Ак калпаак башыңыздан түшпөй ылайым,
Ак сакал жүзүңүзгө берип ылайым.
Ар качан төрдө олтуруп, төрдөн чыгып,
Ак тилек, ак батага келип дайым,

Жайкалып, жаш-карыга айтып насаат,
Көп жашап, бир топ жашка барыптырсыз.
Кадырыңыз жан болуп эл ичинде
Карыя жакшы гана карыптырсыз!

Шааргa, тар үйүбүзгө кийин таягын сүйрөп келип турчу. Төрдө олтуруп, чай ичип, жаздыкка башын коё эс алчу.

Кызы, менин сүйгөн жарым базардан кээде тирүү балык сатып келип, аны мен союп жатсам, өкүнө турган:

— Байкусту тыбыратып не кыласыңар!.. Жөн-ак сойсаңдар болмак...

Болду, үн катканы ушул. «Андай болгула, мындай оокат кылгыла», — деп түк акыл-насаат үйрөтмөй жок. Эки-үч күн жатып, эс алып, айлына жөнөп кетчү. «Кемпири жок чал жетим» дегендей, кайын энемден ал эрте кол үздү. Үзүлөөрдө мага айткан керээзи: «Кызымды өзүңө тапшырдым, балам»...

Менин туюмумда, чын махабат картайбай, кемпир менен чалда да бек сакталат тура. Экөөбүз катар жүрөбүз — бүт дүйнөбүз түгөл. Уул-кыздарыбыздын рахатын көрүп, небере, чөбөрөлөрүбүздү алпештеп өстүрүүдөбүз. Баш кошконубузга 63 жыл толду.

* * *

Кайын журттун алыскы аймактарына барып да, көп сыйурмат көрдүм. Бир ирет бир топ кыргыз акындары жолго чыктык...

Талды-Коргон, калаасы айтылуу Жаркенд алыс, ара конуп барчу жер экен. Кайсы аймагында болбойлу, бирдей сый көрдүк. Өзгөчө мен, күйөө бала катары баркка алындым... (Бул жөнүндө биринчи китебимде кеңири баяндалган).

Анда, менин эс тутумумда калгандар: Чокан Валиханов-дун бейитин, акын Саранын «Эчки-Өлмөс» суусунун жээгинде домбурасын өйдө көтөрө, бийикте турган эстелиги...

Дайым берип
Жанга кубат, жанга шык,
Чокуларын кирсиз, таза кар басып,
Ак мөңгүдөн чом жамынып, жатат тынч,
Ала-Тоомо – Ала-Таусы жалгашып...

Кийинки чыгармачылык сапар Караганда ооданында болду. Аты эле айтып турбайбы, караганда, сөксөөл өскөн кумдуу жер экен. Тегереги толгон көмүр шахталары... Биз, космонавттар асмандан конуп, эс алган конок үйүндө жаттык. Даамдуу жапырагын жедик, шуатын (төөнүн кымызы) ичтик. Ыр окудук, алардын да шаан-шөкөттөрүн көрдүк.

Айтаарым, кайын журттун кадырын мында да көрүп, ыр куржунума түрмөк-түрмөк базарлык ала келгеним бар.

Алтын күз
Кыш айына таяганда,
Туз буйруп, келдим сага Караганда.
Өзүңчө жер экенсиң кайталангыс,
Мен көргөн көп жерлерге караганда...

Жаш чакта,
Турган чакта ижарада,
Көп жактым көмүрүңдү Караганда.
Жылуулук берсе болду эми сага,
Ырымды очогуңа калаганда...

Кербендей
Күндөр өтсө далай алда,
Көрктөнүп, көйкөлөөрсүң дагы анда,
Сулуу экен балдыздарым, карындаштарым,
Мен сүйгөн эжесине караганда...

* * *

Эми кайын журт тууралуу кептин учуна чыгалы.

Алматыга, ат тезегин кургатпай, көп эле барып-келип дегендей... Ал турсун, АВПШда (Москванын Жогорку партиялык мектебинде эки жыл окуп келсем да) эки жолу бир айлап жүрдүм.

Айта турган чакан окуянын баш-аягы мындай: бир жолу «Социалисттик Казакстан» гезитине тажрыйба алышуу үчүн (анда мен «Советтик Кыргызстанда» иштечүмүн) калаага барып калдым. Жалгыз эмес, караан болсун үчүн сүйгөн жарды кошуп алгам. Ошо кошуп алганым бир чети ырас эле болуптур... Анда, бүт өлкөдө «сухой» — «ичимдиксиз» мезгил. Чаңкаганда сыра (пиво) издеп таппайсың.

Казакта бир макал бар: «Жок деген нерсе болбойт, суроо жетишпейт»... Эртеси редакцияга жөнөдүм. Сүйгөн жар мейманканада кала берди. Бекер кала бербей, жакын булуңбурчтагы дүкөндөрдү аралап чыгыптыр... Түштө чаңкап, мейманканага жетип, үстүнкү кабаттагы бөлмөбүзгө көтөрүлдүм. Нөөмөттө турган аял мага ачкычты берип жатып, айтты:

— Апкемиз казыр эле сыртка чыкты. Бөлмөгө кире бериңиз, жезде!..

Менин жезде экенимди кайдан билди?.. Бөлмөнү ачып, кирсем, терезе кырында үч-төрт бөтөлкө жайнап турат. Ичи кара кочкул суюктук... А, квас турбайбы... жутуп алайын деп,

суусаган жаным тез ача салсам, мурдума пивонун жыты бур-р! — этти.

Көрсө... өзү соода жаатында иштегенден пайдаланып, дүкөндөгү сиңдилери менен тил табышыптыр.

— Менин күйөөм кыргыз. Алматыга келип, Чымкенттин сырасынан ичпей, чаңкап кетемби — деп «өпкөлөп» жатат. Кайтсеңер да, апкеңерди уят кылбай, эки-үчтү таап бергиле?..

«Жабылуу аяк» ошентип ачылыптыр.

Мында мен «сыра» жөнүндө эмес, сый-урматты айткым келди. Ошентип, бул сапарда да, күйөө бала катары кайын журттун төрүнөн жайдары аттангам...

* * *

Айтмакчы, менин казак кудаларым да бар. Кызым Лейлинин кызы — Асел ушул элдин уулуна турмушка чыккан. Үзбөй, кудалар менен кудуңдашып, катышып келебиз.

Саламын айта,
Бир-биринен озуна,
Жашоодо эки эл — өйүз-бүйүз, кошуна
Көбөйө берсин
Кыргызбай менен Казакбай
Уул-кызынын жаздыкта башы кошула!

Оомийин, ошондой болсун, ылайым!

# ТИЛИМДИН ҮЧ УЧУ

## (Үчүнчү ажырым)

## ОКУУЧУ, ОКУТУУЧУ

Таяктын учу, найзанын учу, көз учу.

Тил менен уч биригип да айтылат. Тил учу. Калем учу.

Менин тилимдин «үч» учу бар. Мында мен тилимди калем учуна таяп жатам. Ушу күнгө чейин «Ичээр суумду» ошо калем учу менен таап, күн көрүп келатканым чын.

Ал тилимдин «үч» учу – менин үч жөндөмүм, үч өнөрүм.

1-тилчимин, 2-журналистмин, 3-акынмын, каным менен бүткөн таберик, пешенеме жазылган эн тамга!

Эл акыны аталсак да
Эл торгою болуу кайда?
Көккө бийик атылсак да
Жерде уябыз, элдүү жайда…

* * *

Университеттин филология факультетин бүткөнгө чейин он жыл окуучу болдум. Тушоо кесээрим «Алиф+Бе» болду. Араб арибинде А (алиф), Б (бе), Т (те), с (се)… болуп катары менен кете берет. Эки башкы тамга биригип – «Алиппе» чыккан да. Биринчи мугалимди дайыма эскерип, бул ыр сабын да дайыма кайталап, айтып келем:

Бир билем
Өз колуңа алып мени
Үйрөттүң эң жөнөкөй «Алиппени».

Мезгил өтүп, учуру келгенде окуучудан окутуучу болдум.

Окутуучу, мугалим өтө катаал, өтө кызыктуу кесип. Үч жыл жогорку класстарга «Адеп», «Кыргыз тили», «Кыргыз адабияты» боюнча сабак жүргүздүм.

Баарынан кызыгы, университетти бүтүп жатканда өзүм окуп келген калаабыздагы айтылуу №5 мектепке практикага келбейминби... Мектептин сырты да, ичи да, баары көзүмө беш колдой тааныш. Бирок... Алгачкы сабакка кирээрде дене-боюм толкундангандыктан, калчылдай баштаса болобу... Мына, бул кесиптин ыйыктыгы, сүрү!..

Эсимде – бүтөөр жылы онунчуну
Эскерткен бир агайым оюн-чыны:
«Мугалим – көп балалуу аялдардай,
Турмуштун боло көрбө оюнчугу?!»

Кайда анда кеңеш сөзгө кайрылмакка!
Каржалбай бул суроого – кайырмакка,
Калаадан мугалимдик кесип алып,
Кайрадан кайтып келдим айыл жакка...

Кезинде чын айтыптыр, ал алдабай,
Мугалим – көп балалуу аялдардай –
Туура экен! Ызы-чуунун арасында
Жүрөсүң күнү-түнү байыр албай.

Мен сүйөм бирок ошол ызы-чууну,
Жашоонун ушу эмеспи кызуу учуру!
Ким сүйбөйт мөлтүрөгөн балалыкты –
Окшогон кыз мойнунда кызыл шуру.

Эч кимди бул кесиптен жат кылууга
Үндөбөйм! Үндөйм кайра жактырууга.
Мугалим көп балалуу аялдардай –
А алар ченеми жок бактылуу да!

Онунчуну (1957-жылы) бүтүп эле, мугалимдик кесипти тандап, жогорку окуу жайына өттүм. Бүгүн да, эртең деле кайталана берсе керек, ошол №5тин, ошол университеттин жанынан өткөн сайын Мекке, Мадинага барып, ыйык Кааба (кыбыла) ташын жандагандай, каным дүргүп, ымыр-чымыр болом десең!..

Мектепте ак шейшептүү интернатта жаттым. Ак жакалуу форма кийимин, үч маал бекер берилген майлуу макаронун кантип унутам. Окуу бөлүмүнүн башчысы Михаил Алексеевич Рудаков чалым (акцент) тил менен дайыма урушчу: «Байкуштар, ушу менден көрөсүңөр! Силерди интернаттын камыры семиртип жатат. Жакшы окубасаңар, талаада каласыңар. Дайыма патинкаңарды «үтүктөп», шымыңарды «майлап» жүргөнгө үйрөнгүлө!» Бул, анын ботинкабызды майлап, шымыбызды үтүктөп жүрүүгө үндөп, ачууланганы... Ошентип, «каардуу» агайыбыз окуудан да катуу турмуштук сабакты үйрөттү, бизге. Андагы тентектин бири жок. Мына эми эл катары адам болдук. Ал өз атамдай көзүмө элестейт. Өзү, улуту орус болсо да, кыргызча сүйлөөгө, тил өнөрүн терең үйрөнүүгө басым жасачу. Кийин агайыма арнап «Кымбат адамым» деген ыр да жаздым. Үзүндүлөй келтире кетейин, төмөндө:

...Ар дайым
Көзгө сүйкүм «Совет» көчө,
Айланат көз алдымдан элес көчө:
Ашыгып, №5ке бараткансыйм,
Агайдан тил укkансып бүгүн, кечээ...

Элестейт
Биз чуркурап жүргөн жерлер,
«Агай» деп шапке алып, өтчү күндөр.
Жетилүү аттестатын берип жатып
Айтты эле: – Али алдыда жетилүүңөр...

Мени эми көрбөгүлө уят кыла,
Дит коюп, окууңарды уланткыла.
Андагы №5тин балдарына,
Бул сөзү карыз берген урмат тура!

Мезгилдер
Куюлушуп санат ырдай,
Көп күндүн кала берди сыры ачылбай.
Бул мектеп чоң калаада бир жай эле
Тыпыйган, карлыгачтын уясындай...

* * *

Университетке кабыл алуу сынагы өтө катуу эле анда.

Неси болсо да, эки-5, бир-4, бир-3 баада сынагын тапшырып, сентябрга жакын келгиле деп көрсөтмө бергенинен улам айылга кеттим. «Конкурс» деген сөздүн маанисин түшүнбөсөм да, жүрөгүм опкоолжуп жүрдүм көпкө. Сентябрда келсем, окуу жайдын кире беришинде, тактада тизмелер жайнайт. Кабыл алынгандардын аты-жөнү алфавитсиз, кол менен жазылыптыр.

«Жаркынбаевди» издеп, «Ж» тамгасынан таппадым. Баштан аяк эки сыйра издедим. Таптым, кашайтып, эң соңку сапка илиниптирмин.

«Өх!» — дедим кубанганымданбы, билбейм.

Ошентип, сакам оңко туруп, окуучудан окутуучу кесибине билим алуу башталды.

Билимди, адегенде, түштүккө барып, пахта терүү менен бышыктадык. Ошол жакта, курсташтар бири-бирибиз менен таанышып, ымала түздүк. Доцент, профессор агайларыбыздын кимиси ким экенин тааныдык...

Пахта теримине эки жолу, биринчи жана экинчи курста бардык. Көзек менен көректин эмне экенин өз көзүбүз менен көрүп, өз колубуз менен үздүк. Көзек — пахтанын чанагы «көзүн» ачып, бышкан маалы. Көрек — чанагы «көзүн» ачалбай, көр (сокур) болуп, кеч күздө суукта калганы...

Колубуздан келишинче эмгектенип, эртеден кечке ысык талаадабыз. Кечкисин курсагыбызды кампайтып, айлуу түндүн рахатын көрмөй... Ырахатыбыз — суу жээгине келип, бая, эртең менен теримге баратканда, самандын коюнуна сойлото кеткен сары, тордомо коондорду союп жемей...

Ошо терим жолдун оң капшытында бир карыя багбанчылык кыла турган. Ал биздин жоругубузду дүрбүсүз эле даана көрүп жүрчү экен да. Бир жолу бизди чоң уят кылса болобу:

— Ээ, үкөлерим, сиздер бизге келген мехмансыздар. Уурдабай эле, тандап, расса-расса бышыгын союп жей бергиле.

Ошондон кийин суу жээгине келгенди токтотконбуз.

* * *

Кийин үчүнчү курска келгенде Карагандыга (Казакстан) дың жерге бардык. Ошол жылы, кыясы, түшүм өтө мол болуп... Мол болгонун көрүп да кайттык. Кыш эрте келип, деңиздей

толкуган буудайлар кар алдында кала берди. Биз, студенттер, күндүзү комбайнчынын жардамчысы, түнкүсүн кырманда кызыл сапырмай менен алекпиз. Күн жаап, эгин нымдала түшкөндө комбайндын «алкымы» (айланма баралары) иштебей, какап эле, токтоп калат экен. А үйүлгөн кызыл дан канча сапырсаң да түтөп, угуттана баштайт тура...

Кийин же ошол күндөрдөбү, мен андагы СССРдин Гербиндеги кылкандуу буудайды ыр саптарында «ыргалткым» келген эле.

... Курсак ач,
Кыңырылып, оюн кайда...
Батышта кандуу майдан...
Биз балачак.
Карабай тырмак алды канаганга,
Окуудан тараар менен тердик машак.

Эртеси кайра окуу мектепте,
Эрибей суукка тонгон сыя челек.
Дубалда кадалган чоң улуу Гербде,
Буудайга суктана биз карачу элек...

Шуудурап,
Ал буудайлар данын төгүп,
Айланчу токочторго –
Ыйык, даамдуу.
Чубурса шилекейим,
Маалим көрүп:
– Чыдагын, чоң жеңишке аз-аз калды...

Чоң жеңиш,
Келди дүрбөп күлүктөрдөй,

Көчө шат...
Эл-журт батпай көөдөнүнө...
Айрымдар тосту аны күлүп-күлбөй,
Кылгандай балдарына бөөдө күнөө.

* * *

Атайын
Ар жыл сайын күз маалында,
Келемин туулган жерге чынында мен.
Суктана кай тарапка назар салба —
Комбайн баралары чимирилген...

Самандын
Сапырылып келет жыты,
Токчулук.
Чыт курсактар чайнайт боорсок.
Эстеймин биздин жарды балалыкты —
Жечү элек көк текейди ачка болсок...

Эмичи?
Ар бир үйдө кап-кап ак ун,
(Энелер чара толо камыр жасап).
Бир күндө канча жолу каттабагын,
Нан ооз тий,
Тамак ич, — деп кадырлашат.

Күн ысык,
Мотор ысып комбайндан,
Бир азга тыным алат дене-буттар.
Жасалган

Өздөрүнүн буудайынан,
Максымды кере жутат кер муруттар!

Тоо болуп
Ар кай жерде кызыл кырман,
Карысы жаштарына кайрат кошот.
Талаалар –
Боор эт менен жылытылган –
Боорлорун соколорго кайра тосот...

Ошентип, дың жерге барып, эмгектенип... кийин эмгегибиздин «үзүрүн» көрүп, бир жыл бекер нан жебедикпи... Анда СССРди башкарган Хрущев деген таз болгон. Американы кууп жетем, андан озуп чыгам, ал турсун 80-жылы коммунизм доорун орнотом деп, айгай салып турган чагы эле. Чамасы чак экен, бир-эки жыл өтпөй бүт өлкө сызга отурбадыбы... Таң атпай, кемпир-чалдар бурч-бурчтагы нан дүкөндөрүндө кезекте туруп калбадыбы, кокуй!

А биз, студенттер, анда да каткан нандын калдыктарын талашып, өлө жегиче бөлө жеп, ачкачылыкты билбей деле калдык. Студенттин кийгени жибек, жегени кебек деген ошо да!..

* * *

... Ошентип, жаңы окуу жылы башталаары менен пахтага, дың жерге «айылчылообуз» бүттү. Кийин сентябрдан окуубуз толук улантылып, терең билим алууга өттүк.

Терең билим алуубуз мындай болчу...

Мектеп партасынан жогорку билим дүйнөсүнө дароо өтүү мен үчүн өзүнчө эле жомок дүйнөсүндөй сезилди. (Дароо өтө алышпай, эки-үч жыл айылда иштеп келген «карт» студенттер да арабызда бар эле...)

Дарс берген агайларыбыздан кийин эле Мукаш Базаркулов (КР эл мугалими, учурунда билим министри, райондун баш жетекчиси болгон) өзүбүздүн кол агайыбыздай өтө сыйлуу эле. Ай сайын стипендияны да ошол таратып берчү. Беш жыл ошонун колун карап жүрдүк.

Бир кызык учурду айта кетейин.

Персоналдык пенсияны алгач алганы барсам, кезекте Мукаш туруптур. Учурашып бүткөн соң, мындай деген экемин:

— Муке, баягы кырк сомду качан бересиң?!

Ал кызарып уяла эки жагына каранды. Тааныштары ага карады.

— Эй, Нурпаис, кайсы кырк сомуңду?

— Баягы, студент кезде берген стипендияны?!

Кутүүсүздөн жыргал кезди бир эскергенбиз...

* * *

Эми бир кептин башын чыгарайын.

Алыскы Ноокат аймагынан келген (менден беш-алты жаш улуу) Мырзы Гапаров эсиме көп түшөт. Орусча сүйлөө кайда анда ныпым сабатсыз. Бирок, кийин Хемингуейди алкымдан ала окуп жатып, тили «чыга» келди. Кийин сонун-сонун көркөм чыгармаларды жазып, эл жазуучусу наамына татыды.

Көзү өткөнчө мен аны менен бир тапта курбу-курдаш катары жүрдүм. Бири-бирибизден унутулгус көп сабак, тарбия алдык. Пахта териминде жүргөндөгү бир окуя... Озмитель аттуу агайыбыз жума сайын Кашкар-Кыштакка мончого баштап бара турган. Бир ирет Мырза экөөбүз барбай койсок, ишмалдабызды кетирген... Атайын чоң баракка жууркандан экөөбүздүн биттеген башыбызды чыгарттырып, «Битюхи» деп маскаралап, клубга илдирип койгон. Анда тартип ошондой эле да.

* * *

Өз ара бири-бирибизге өтмө сабак болгон курсташтар...

Билек жирей албаганды билим жирейт. Куп айтылган сөз! Пикир алышуу — бул өзү билбей, бирөөнүн пикирин алуу деген аскиялуу айтым бар эмеспи. Не болсо да угуп — уламал, көрүп — көсөм болуу керек. Каргыштын эң жаманы: өзүң билбе, билгендин тилин укпа... Уга жүрөлү, бейтааныш болочок муундарым!.. Жатаканада катарлаш мен, Асылбек Медетбеков деген эки «чычым» чогуу уктап турчубуз. Экөөбүз тең ыр жазабыз. «Турмуш толкундары» дубал гезитке бирде анын, бирде менин ырым басылат. Курстагылардын бир тарабы аны, бир тарабы мени мактап, сүрөп «аламан» байгеге салышат. Анткен сайын экөөбүздө тыным жок. Кийин ал илимдин кандидаты болду. Жолунан адашып, бир ок менен эки коёнду ата албай кете берди...

Эс тутумда элестери жаркын Касымбек Сейдакматов, Каарман Ашымов, Санарбек Карымшаков дайыма тирүү бойдон. Ал эми КР билимине эмгек сиңирген мугалим, өзүмдүн жердешим Нургалый Абдесов экөөбүз баягы эле «жетимдерденбиз»... Аны биз студент кезде «Дончик» (Дон Жуан) деп эркелетчүбүз. Ал эми Ишен Асановду — «Сылан», Кубанычбек Жолдошевди — «Торпок» деп атаар эле курбулар... Анткени Ишендин чачы репейный майдан өксү болбой, жылтырап турчу. Улам-улам чачын сыланмай адаты да эле. Ал эми Кубанычбек торпоктой тойпоңдой басып, өзүн шайыр алып жүрчү. Эркинбек Үсөнов... Экөө тең кетишти...

Түшкө жуук гүлбакчада баратып,
Жолуктурдум студенттик курбуму.
Олтургучту улам чылым булатып,
Сүйлөштүк жай бир тигини, бир муну...

О, андагы жаштык дымак, көөдөндө,
Жанар тоодой ысык илеп бүркүлүп.
Окуудан  соң кыздар менен көчөдө,
 Жүрчү элек шаракташа бир күлүп.

Гүлбакчада чоктойт жайнайт кызгалдак,
(Жай да келди, кечээ күткөн жаз кетип).
Тигинде бир жигит келет кыз жандап,
...Аны сүйгөн курагымды эстетип.

Ар ким жолдо каякадыр ашыгат,
Шаршембинин күнүн баштан кечирип.
Ой максатын адам ишке ашырат,
Таң аткандан күн баткыча, кеч кирип.

Кеп куруштук алдыдагы өмүрдөн,
Курбум айтты: «Аман болсо башыбыз»...
Көп үмүт бар чындыгында көңүлдө,
Күтөт бизди дагы канча ачылыш!

Эске салдык: жылдар артка ташталып,
Өзгөргөнүн бүгүнминтип бүт чөйрө.
Биздин тизме Асановдон башталып,
Эң акыры Үсөновдон бүтчү эле...

Мезгил окуучусун да, окутуучусун да «алып кете берет» турбайбы.

Азыр ошол тизменин ичинде төрт-бешөөбүз эле, көрөөр күнүбүз, ичээр суубуз бар экен, жер үстүндө жүрөбүз.

Жээнбай Муканбаев агай бизге дарс окуган жок. Куратор да эмес эле. Баарыбыз аны факультеттин кадырлуу деканы

катары билчүбүз. А мен аны кийин дасыккан жазуучу катары билдим, аңгемелештим. Ал шашпай, күлө аңгеме баштай турган.

Эмесе, өз оозунан уккан, кийин өзүнүн «Эл ичи — өнөр кенчи» деген китебинин баш сөзүнөн үзүндү бере кетейин:

Албетте, бу турмушта, бул жашоодо ар кимдин өз баамы, өз баалоосу, ар нерсеге өз чечими болууга тийиш.

Ошентсе да, биздин ар кимибиз эл арасында айтылып келе жаткан: «Билбегенин билбеген адам — түркөй; билбегенин билген адам — акылдуу; билгенин билдире албаган адам — арымсыз, дармансыз; билгенин билгениндей билдире билген адам — ойкен да, арыдуу, терең да, күчтүү да, акылдуу да» деген кепти ар качан эстей жүрүүбүз абзел. Ооба, кыжыр келтирбеген акылдуу сөз дайыма ойдо жүрүүгө акылуу.

Жээнбай агай ошо китебинде башы Памир, этеги Ысык-Көл, Чүй тегерегиндеги окурмандарга «этнографиялык» жагдайдан алысыраак, башкача маанайда элдик бай маданиятты көркөм да, жеткиликтүү да ыкма менен жазып калтырган. «Бул китепти окугандарга көп ой, көп акыл тилейм», — деп аяктайт кириш сөзүн Жээнбай агайыбыз. Ак тилеги ишке ашсын...

* * *

Алгачкы эле сабактардын (семинарлар) биринде мен катуу уятка баттым. Бейшегүл Үмөталиева эжейибиз өтө назик, өңдүү аялзатынан эле... Үнү да жибектей жумшак. Кийинки семинарда ар ким өз чөлкөмүндө кеңири айтылчу көөнө (эски же диалект) сөздөрдү жазып келүүгө тапшырма берди. Көөдөк кезим, карылардан угуп жүргөн эки-үч көөнө сөздү өткөрдүм. Бекер жеме жедим...

Не болсо да, сөздүн жугумталы күчтүү болушу керек. Улуу сөздө уят жок. Билим тили бизден ушуну талап этет.

Билген көөнө сөзүмдүн үчөөнү эле айтайын эмесе: «коп», «тырк», «көтөк»... бир укканда уят урунат кулакка. Уят эмес эле, сүйлөм аркылуу чечмелей келсек, кыттай уюган салмактуу сөздөрдөн.

Укум сөздүн устаты К.Юдахиндин айтылуу сөздүгүнө эле баш багалы. Анда мындай сүйлөмдөр кездешет: «Сексен үчкө келип, минтип кобо албай олтурбаймынбы»... Же уламышта айтылгандай, «Колу сынган кооп жүрүп арыктайт, буту сынган жатып семирет». «Кырк» дегенде «тырк» өлөт (жылдызды кыркка жеткире санаса, адам дароо өлөт деген ишеним). «Апей, көтөк, кайдан келе калдың?!» Уятсыз эле, бул карылар пайдаланып жүргөн сырдык сөздүн бири. Мынча болду уят делген, бирок эл ичинде көп эле оозеки айтыла жүргөн сөздөрдөн да мисал келтирейин:

1) Торгой добуш салганда, таңдын көтү сүрүлүп, 2) Кара көтөн кармашып, 3) Көчсө — көттө, консо — четте...

Демек, улуу сөздө уят жок экен да...

* * *

Үчүнчү курста ниети бекем Шаршенбек Үмөталиев агай дарс берип баштады. Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы тууралуу диссертация жактап, жаңы эле илимдин кандидаты болгон кези экен. Кыймыл-аракетине айкаша айткандары да өтө жугумдуу.

Мурда эле үсүл-кесил угушумда мени Касым Тыныстановдун тагдыры, чыгармачылыгы кызыктыра турган. Бирок, ал «эл душманы» катары... Эми ал, акталып, арбагы кайра «тирилип», эркиндикке чыгыптыр да... Шаршенбек агайыбыз ар сабак сайын какшап, буларды айтат: «Ал Аалыдан (Токомбаев) мурда эле кыргыз адабиятын түптөгөн алгачкы акын, тилчи, илимпоз болгон. Өзгөчө тил илиминде чоң күрткү буза алган.

Бөтөн тилдеги көп терминдерди кыргызча так которуп, окуу китептердин бетине түшүргөн. Алсак, класс (рабочий класс, первый класс). Ичкен ашын жерге коё, көп издене (класстын) кыйуусун так тапкан. Элибиз байыртан шырдактын кызыл-көк кытаттарынын арасын бөлүп турган жикти — тап дешчү экен. Бүгүнкү күндө да «жумушчу тап, эзүүчү тап» эч өзгөрүүсүз айтылып да, жазылып да келатпайбы!

«Эне тил», «илеп белгиси», «үтүр», «этиш» — койчу кандай катаал сөз болсун, ал анын «атасын таанытa», так, жуп которо билген экен. Бала тили алгач «апа, эне» деп чыгат эмеспи. Ушуну да байкай билген. Татарлар ушул эле «Родная речь» терминин — «тууган тел» деп сөзмө-сөз которуп алышкан.

Айта берсе аӊгеме көп! Тыныстановду окугула!»

Арадан эки ай өттүбү, айтор артында кызык эле иш болду. Кекиреге тойгон текедей бакылдаган баягы агай жок. Кабагына кар жаап, түнт, өтчү сабагына эки-үч киши ээрчий кирип, артта олтурушат, көрсө, алар күбө «тыӊчылар» тура.

Агайыбыз эми бизди эмес, тиги күбөлөрдү улам-улам карап алып, теӊирден тескери дарс окучу болду. Кечээги эле акын, драматург, тилчи, болгондо да кызыл профессор Касым Тыныстанов эми «эл душманы» болуп чыга келди. Ошентип, энтиге жазган эмгегибиз текке кетти. Кайра жаӊы дептерге «деген экен» деп конспектти жаздык.

Териси кооз, тиши уу жыландай, өздөн чыккан жат айрым «билермандар» амалын таап, жумурткадан «кыр» чыгарышкан экен да...

Жоолугунан кулактарын агытып,
Бирин-бири жамандашат бирөөгө.
Коӊшу жаман катындыр,
Ушак — уу да.

Ууга акыл чыланып,
Араздашат, алыс эмес жакындар.

Күн ысыкта,
Чий түбүндө жашынган,
Чегирткедей жаак жанышат ал экөө.
Карап турсаң:
Бир-биринин кешпири
Кудум эле эрбеңдеген көлөкө.
Бирок булар
«майда» жандар,
Уяткарып, болот үнүн басууга.
Бирок да бар
Мындан өткөн ажаандар,
Саясий чоң ушакчылар, маш ууга.

## ЖУРНАЛИСТ – ЖҮКТҮҮ ИШ

Кыргыз мамлекеттик университетинде журналистика бөлүмү мен окууга өткөн жылы (1957) ачылды. Кабыл алууда көп талапкер болгондуктан, дитим барбады. Филология деле ошол кесипке жакын. Жакын турмак, анын анык «жатыны» деп да айтса болот.

Журналист, публицист болобу баары бир ага курч, бай тил керек. А курч, бай тилди биздин факультетте окутчу. Тили

ийкемдүү, бирок курч Кусейин Карасаев, Константин Юдахин, Болот Юнусалиевге окшогон дөө-шаалар турганда, ал убакта кайсы гезитчи, журналчы чилтен бар эле?..

Биринчи китебимде «Доор кабарчысы» деген ажырымда айткан элем: бешинчи курста эле мен «Ленинчил жаш» гезитинде иштей баштадым. Биринчи кабарым «Көргөзмө жана көрүүчү» деп аталган эле. Кабарымды гезиттин редактору Стамбек Усупов өзү мактап, демиме дем кошкону эсимден кетпейт.

Ушул гезитте корректор, бөлүм башчы, редактордун орун басары болуп он жылдан ашуун кызмат өтөдүм.

Жогоруда айттым го, журналист — доор кабарчысы. Бороон (Буревестник) кабарчы мухитте аба ырайы бузулаарын сезип, тынчсыздана учат... Ошондон улам М. Горький аны жаңылыктын, өзгөрүүнүн жарчысы катары сүрөттөгөн да!..

Журналист жүктүү ишти аркалайт. Өзүнүн эмес, өз доорунун, өзү жашап жаткан коомдун «жүгүн» бир аралыктан экинчи жерге жеткирет. Кээде ак жеринен «күйүп» да кетет...

Андай «ак» жаңылыштыктар, гезиттин тили менен айтканда, загондор, опечаткалар (саптардын астын-үстүн алмашып же сөздүн бир тамгасы «көз жаздымда» калып же башка тамгага алмашылып) көп эле болот (Иншалла болбой эле койгону жакшы).

Анда, бир имаратта чогуу иштешкен калемдештеримдин саясий «ката» кетиришип, бир күйгөнү али көз алдымда. Мен да өз окурмандарымдан «тил укпаш» үчүн так маалымат келтирейин: 1980-жылы 21-июнда «Вечерний Фрунзе» гезитинин биринчи бетиндеги расмий кабарда чоң сүрдүгүү болгон. Эки тамга (СЕ) бир саптан экинчи сапка сөз ташууда «түшүп» калып, «Кымбаттуу Леонид Ильич Брежнев — СССР Жогорку Советинин Преддатели» болуп чыга келген (пред-датель — председатель). Натыйжада гезиттин редактору, көрүнүктүү

кызматкери (корректорун мындай кой) предатель (чыккынчы) катары иштен айдалышты. Көп жылдар куугунтук жешти. Ал турсун күнөөкөр калемгер Валерий Сандлер басма сөздө иштөөгө акысы жок деп эсептелди. Кийин ал, кысым солгундаганда «Литертырный Кыргызстанда» ийгиликтүү кызмат өтөп, «Опечатка» повестин да жарыялоого жетишти.

«Кимди кимди ким көрсүн, Быржыбайды там басты» согуш жылдарында «Правда» гезитинде да болгон... Анда, И. В. Сталин – СССР Аскер күчтөрүнүн Башкы (главный эмес Гавный) командачысы болуп чыга келген. Кашайып «Главный» сөзүнөн «Л» тамга түшүп кала берген экен... Эмне болмок эле, атуу, күтпөгөн жаңылуудан өмүр менен кош айтышуу да!..

Кандай гана гезит болбосун, өзүнүн ыкчамдыгын көрсөтүүдө ката кетирүүгө учурайт. «Литературная газетанын» пайдубалын түптөгөн Пушкиндин мындай бир айтканы бар: мындай жылмаюуларды жараткан «ляламдарга» сабырдуулук мамиле жасаш керек. Грамматикалык катасы жок, мен орус сөздөрүн жактырбайм.

Ат сүрүнбөй жер таанысбас, эр сүрүнбөй эл таанысбас. Айткандай, журналист – кээде сүрүнсө да, чапчаң жүрөт. А чапчаң жүргөнгө чаң жукпайт.

* * *

Бардык маалымат каражаттарынын ээлерин – элде «төртүнчү» бийлик деп келишет. Анысы бар. Ошо «бийликти» натуура пайдаланып, үйдөй балээге калгандарды да көрдүк. Мындай бир макал бар: Бөрү – жарды, кузгун – тойду. Иш сапарымда Нарын тарапта жүрүп, бир шумдук куулуктун болгонун эшиткем. Эми эстеп, айтканга оолугуп олтурам.

Илимдер академиясынын кызматкери Тоголок Молдонун кол жазмалары «колунда бар» деп уккан бир Оңмого атайы

барат. Ал Оӊмо (Хамелеон) тамагы майланмайын оӊ таппаган киши экен.

— Эй, уулум, Молдонун айтканын кыл... — деп октолуп, сөз баштайт. Сен Илим академиясынан эмес, «Чалкандан» келген бол. Калем учу уу журналисттерден колхоз «үптөрү» өлө коркот да. Мени ээрчи, мен айтканды аткар...

Тиги жаш илимпоз азгырылып, «Куп!» — дейт тура.

Ошентип, чарбада Гоголдун «Текшерүүчү» комедиясы коюлат. Былыктарын «бешке» билген тиги Оӊмо чарбанын «үптөрүн» коркутуп, «Чалканчынын» оозун жабам деп, өз калтасына жем толтурат...

Жемкорчулук... Илимпоз — жалган журналист болуп, ортодо Оӊмо (Хамелеон) беш бармагын жаланды. Мында, арийне, орой каталык кетти, тиги жаш аалымдан.

Эт жеген да ууру, сорпо ичкен да ууру. Жогортодогу макалдын (Бөрү — жарды, кузгун — тойду) тереӊ маанисин айткан окуям тастыктап берди го. Бөрү оозуна тийгенин канжалата жара тартып берди эле, ортодо кузгун тоюнду.

Кой эми, өз кесибимдин оӊ сапаттарынан баян этейин.

* * *

Ал, жөнөдүк! Ак жол бизди кабыл ал.
Автобуста жаш дагы бар, кары бар.
Чагылгандай жарк! дей түшүп, жок болот —
Чакырымды белгилеген мамылар...

Сызып, чийген дептерчемди барактай,
Өткөндөрдү эске салам — сабактай.
Жарыша чаап нечен тагдыр жүктөнгөн,
Поезд өтөт вагондору шарактай.

Биздин сапар — көктө, жерде, деңизде...
(Үйдөн эмес, курбум жолдон мени изде)
Кабарчылар «бирде төөчөн... бирде жөө...»
Кеп милдетти так аткарып келиште.

Кайда жүрбө — турмуш... турмуш ар башка.
Жердин шарты, супа салган таң башка.
Жолдо биздин — жооптуу кызмат ишибиз,
Жаралганбыз жер кезүүнү танбашка!

Калем-кагаз, жол буюмун даярдап,
Көзгө элестеп бүгүн кечте бараар жак,
Олтургучта ойго батам бир азга,
Чачтарымды улам артка салаалап...

Ошентип, кабарчыны үйүнөн эмес, жолдон издеш керек. Анын сапары — көктө, жерде, деңизде. Бирде төөчөн, бирде жөө... көзгө элестеп бүгүн кечте бараар жак...

Көрө элек жердин ой-чуңкуру көп экенин журналист дербиштен кем эмес билет...

Бир ирет сапарым Кавказ тарапка түштү.

«Кавказ» деген аты эле көп ойдун «айлампасына» чөгөрөт.

Кечке жуук Тбилисиге келип түштүм. Аэропортко жакын аралыкта «Колхида» мейманканасы бар экен.

Кирсем, келген меймандарды кабыл алуучу жайдын төрүндө буркуйган бир грузин олтурат. Орун сурасам, грузинче жазылган тактаны көрсөтүп, ары басып кетти. Билем да, ал тактада «орун жок» деген жазуу болоорун. Түн да кирип келди. Кайда бармак элем, не болсо да ушул жайдын тактасында уктайын деген чечимге келдим.

Олтурам. Тиги администратор да (мурутун улам жанып коюп) мени карап коюп, үнсүз олтурат.

Сырттан (айылдык экендиктери көрүнүп турат) ээрчише кемпир менен чал кирип, тиги беренге паспортторун берди эле... Ал дароо эки каттоо кагазын колдоруна карматты. Көрсө, бири «Баатыр эне» экен... Экөө тең кат-сабатсызбы, айтор, мага келишти. Жаңсап, жаңсап каттоодон өткөрүү кагазын толтуруп берүүмдү өтүнүштү. Толтуруп бердим. Экөө ыраазы болуп, бөлүнгөн бөлмөгө бет алышты.

Тиги буркуйган неме да мага ыраазы болгондой, үн катпастан (сөөмөй учун кайырмак кыла ийире) «бери кел» белгисин берди.

Ошентип, азыр да чачымды артка улам салаалап, Грузин жеринде «мейман» болгонум эсиме түшөт.

* * *

Көрө элек тоо бардык тоолордон бийик дегендей, башыма чырак жагылып, 1973-жылы кең Маскөөгө окууга жөнөдүм. Болгондо да ССКП БКнын Жогорку партиялык билим борборуна! Эшик тепме билим жайы болсо эмне, кийин ал Коомдук илимдер академиясы деп аталды. Анда жалпы жана журналистика — эки бөлүм бар. Мен журналистикадамын. Лекцияларда, семинарларда, жалпы жана жеке сынактарда бул кесиптин публицистика, панфлет, репортаж ж.б. жанрларынын ичегисин таза «жууп-артып», үзбөй чубайбыз, күн сайын.

Бул бөлүмдө маркстик философия, саясий экономия, партия тарыхы да өтө катуу тартипте окутулат эле.

Жазып келген дептеринде, сөзсүз, К.Маркстын, Ф.Энгельстин, В.И. Ленининдин, Гегелдин, Фейербахтын, Канттын ж.б.у.с. өзөктүү эмгектеринин түп нускасын (окуу китептерден эмес) конспектилөө, үзүндү фразаларынан так мисал келтирүү

болушу зарыл. Антпесең көк чоку профессорлор жеке пикир алышуу сабагына жолотпойт. Ага биринчи булагы (первый источник) керек. Окуу китептерден көчүрүп убара болбогула!..

Айла жок, «Капиталдын» өзөгүн окуйсуң... Мезгил күтпөйт.

Негедир артта калат колдо саатым,
Апкелем бурчта отурган анда чалга.
Көзүнө лупасын кысып алып,
Саатымдын «нервин» чукуйт анда-санда...

Өткөндүн өткөн бойдон калаганы оң,
Максатты арт жак менен болбойт көздөп,
Мезгилдин тездигине кайыл элем
Аткараар журт алдында бирок иш көп!

Чыкылдап жебе айланат, күндөр жылат,
Мезгилди семичкедей секунд чагат.
Ал жерде убакытты оңдоочулар
Олтурат... колдорунда түрдүү сагат...

Ошол философия казынасында «Мезгил жана мейкиндик» деп аталган өзүнчө бап бар. Биздин топко Жохар Плиев философиядан дарс окуйт. Окубай эле, мээге жаңгак чагып ойнойт. Ойнойт дегеним — эркин, кызыктуу ойлор айтат, чырмооктой чатышкан суроолор ыргытат, билбесең күлөт, билсең — колуңду кысып колдойт.

Ал менин колумду кысып, колдогону эсимде.

Адаттагыдай, аудиторияга шайдоот кирип келди да, ал-жай сурашып, анан ачакей-жумакей оюнуна өттү. ... биз кечээ мезгил жана мейкиндик деген...

— Эмне үчүн мезгил кайра кайталангыс. Ким жооп берет? Кана, кана а? Бирибизди-бирибиз «кана?» дегендей карап, суроо белгисиндей үңкүйүп олтурабыз. Мыкыныбыз шылк!..

Ажап бир иш болуп, мээме кутуусуз жооп келди.

Кол көтөрө ордуман турдум:

— Бизде, кыргыз элинде «Манас» эпопеясында

Атаңдын көрү дүйнө бок

Бүгүн көргөн эртең жок — деген ыр саптары бар.

Орусча жалпак тилге салып, которуп да айттым.

Жохар жоодурай түштү:

— Да! Да-да! Бир аз жакын жооп!

Анан ал «Бүгүн көргөн эртен жок» эмес, кайра кайталанбастыгын бышыктады. Колундагы калемин үстөлгө чимирилте-чимирилте анын үч токтогонун көрсөттү. Үчөөндө теӊ калеми үч башка абалда токтоп жатты.

— Көрдүңөрбү, мына «Мезгил кайталангыс» деген ушу. Кайталантсаң да зордоп, кечээкисиндей кайталанбайт...

* * *

Ошол сабактан соң, бул илимге менин илмегим жабышты.

Биз күн алыс, бирде «Правда», бирде «Известия» гезиттеринде практикада болобуз. Ар кандай летучкаларына, планировкаларына үзбөй катышабыз. «Практика» десе, бир аскияны эстеп, аргасыз ууртуңа жылмаюу уялайт. Болочок геологдор студенттик «полевая практикага» чыгышат да... Курстагы бир шумпай аны тамашага айлантып — Биз «половая практикада» күндүзү эле болчубуз... — деп айтканды жакшы көрчү тура.

Ооба, эки жыл такай басма сөздө практикада жүрдүк. Теориялык эмес, практикалык көп ыкмалар, жаңылыктарды үйрөндүк.

Биздин бөлүмгө кезектеше бардык борбордук гезит-журналдардын көк чоку билермандары да келип, кызыктуу аңгемелешүүлөрдү өткөрүшө турган. Баары жандуу, таасирдүү.

Окуу жайдын көп артыкчылык жайы бар эле. Ай сайын алган стипендия жакшы, бул бир. Жаткан жайым ыңгайлуу, баары ичинде: муздак, ысык суу, радио, телефон, бул эки. Дарс окуган аалымдар менен теңтуш катары эркин сүйлөшөсүң, бул үч. Айта берсем төрт, беш... болуп кете берет.

Эркин жүргөнүбүз менен тартип, тарбия чегинен чыга албайсың. ССКП БКнын саясий жогорку окуу борбору — аталышы эле эмнени туюнтуп турат...

Эркиндик — эс-учуңду жый — деген эле түшүнүк.

Ошентип, арадан эки жыл өтүп, мамлекеттик сынак тапшыруу учуру да келди. Жарыштан артта калбай жакшы өтсөң көчөдө калбайсың. Мурдагы иштеп келген жайда бир тепкич орун камдалуу.

Бул камкордуктарды сезип, билип туруп, анан кантип аракеттене окубайсың?!

Философиядан мамлекеттик сынакка кантип даярданганым эч жадымдан кетпейт.

Түнкүсүн Кремлдин төрт бурч кызыл дубалын айлана басып, «философиялык дептердин» (В.И.Ленин) мээсин жаңгактай чагам. Шахмат оюндагыдай, татаал «жүрүштөрдү» кайталайм. Менин мээм да (жаңгак чагуу жеңил го) өрүктүн катуу сөөгүндөй былчыранат...

Аракетим текке кеткен жок.

Чоң сынакта дал ошол «философиялык дептерлердеги» тезистерге так жооп бергеним үчүн мыкты баа алдым.

Тезистерде «Бул дүйнөнү (коомду) аңдай көрө гана билбестен, аны өзгөртө билүү да керек» деп айтылат. Ушул жобону айтканымда эле, комиссия мүчөлөрү «болду, болду!» — деп ыраазы болушту.

* * *

Кызыл диплом алып, Кыргызстаныма кайттым (1975).

Гезит эмес, «Кыргызстан коммунисти» журналында он жыл «Илим жана маданият» бөлүмүнүн редактору кызматын аркаладым. Партиялык уюмунун катчысы болдум.

Жогоруда «гезит эмес» деп баса айтканымдын бир түйүнү бар. Айта кетейин.

Партиялык журналисттик окуудан кийин, жогортодон көрсөтмө боюнча «Ленинчил жашта» редактор болмокмун. Анда мен мурда (он жылча) орун басар милдетин аркалагам да...

Борбордук комитеттин үгүт-насият бөлүмүнүн башчысы кабыл алды:

— Таржымалыңды таанышсам, сиз акын экенсиз. Окуудан келгиче бир жыйнагыңыз да чыгыптыр. Чыгармачыл адамга көп эркин убакыт керек эмеспи. Азырынча журналда иштеп туруңуз. Журналдын иши тынч. «А-бу» деп биз көп кийлигишпейбиз. А гезиттин ишин жакшы билесиз го. Күндөп-түндөп дупүлдөгөн басмаканада жүрмөй жок...

Пешенеме жазган экен, журналга барып олтурдум. Алгачкы эле күндөрдүн биринде Кубанычбек Маликов (Куйручук айткандай, арабанын четки атындай жулкунган) көчөдөн жолугуп калды:

— Сенин журналың көркөм эмес. Анда жалаң саясий материалдар басылат. Сен чыгармачыл чөйрөдө иштешиң керек. Мен Борбордук комитетке кирип айтам!..

Айттыбы, жокпу, анысы мага зарыл эмес эле. Мында орношконум «үкүнүн жылуу уясын» тапкандай иш болду.

Арадан жарым жылча өттүбү, тааныш жаштар гезитин жетектөөчү редакторлук «мамык» орунга күтүүсүз чакыруу келди. Алдында атайын жеңил көлүгү да бар... Журналга көнө түшкөн

жаным, кыйылып барбай калдым. Анын үстүнө журналдын башкы редактору (мурда «Ленинчил жашты» жетектеген) Станбек Усупов эле. Үйрөнгөн жоо атышканга жакшы дегендей, өтүшүп иштеп калаганбыз. Бул журналды мен азыноолак жалдантууга аракет кылдым. «Эмне үчүн публицистикалык макала, трибун ырларды жарыялоого болбосун, бул журналга?!» Өзүм публицист катары макала, ыр да жазып, жарыкка чыгардым (Баш редактор колдоого алып турду. Өзү мыкты журналист да).

Чыгармачыл чөйрөдөн такыр четте калган деле жокмун. Жазуучулардын кайсы бир съездинде союздун текшерүү комиссиясынын төрагасы, кайсы съездинде Маскөөдө өткөн чоң жыйынга атайын делегат болуп шайландым. Кийин президиумунун мүчөсү катары олуттуу отуруштарынан калганым жок.

Акыры Совет бийлиги ыдырап, саясий журнал да жабылды. Мен «Кыргыз туусу» («Советтик Кыргызстан») гезитине көчтүм. Алгач адабий кызматкер, кийин персоналдык эс алууга чыкканча адабият бөлүмүнүн башчысы болуп келдим. «Үйрөнгөн жоо атышканга жакшы» болуп, мында да анын жетекчиси Тилектеш Ишенкулов менен жакшы ымалада иш жүргүздүм. Ушул гезитте «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамын алдым.

Сөздү корута келгенде, тилимдин экинчи «учу» — журналисттик кесипте кырк беш жылча калем учун короттум. Азыркы күндө да «Кыргыз туусунун» ардактуу кабарчысымын.

Кийинки сөздө бололу эмесе...

# АКЫН – БУРАК, АРГЫМАК...

Бурак – шариатта Мухамбет пайгамбарды теңирге, асманга алып чыккан сыйкырдуу жаныбар. Ал кооз адабиятта акындардын канаты катары сүрөттөлгөн буудан (Пегас).

Ал эми аргымакка келсек – жылкы тукумунан чыккан күлүктөрдүн эле бири. «Аргымактын жакшысы – чапса күлүк, сатса – бул (пул)» – макалда айткан оюбуз далилденип туру.

Кыргыз баш күндөн жылкы жаныбарын жанындай көргөн. Буга айрым бир нускалуу сөздөр күбө: Жылкы малдын падышасы, жаныма өлчөгөн ат эле... Ат муратка жеткирет, аттан айрылган жер – кыямат... Аты-тону бар адамда – Азиреталынын күчү бар... Ат кадырын билбесең – жөөчүлүк сазайыңды берет...

Байдылда Сарногоев «Дүбүрт» (1962-жыл) жаш акындардын ырларынан түзүлгөн китепте аларды жарышка түшкөн чабандестерге салыштырганы бекеринен эмес эле.

Дүбүрт чыгат, дүбүрт чыгат алыстан,
Тайлар келет, тайлар келет жарышкан...

Китепти колго алып, атайы эле канча чабандес жарышка түштү экен деп, санап да чыктым. Туура 85 экен. Бүгүн ошонун баары эле акын боло алдыбы?.. Сегизге жакыны гана эл ичинде оозго алынып, сый-урмат көрүп келет. Мезгил – кылчыпка, көрдүңбү...

Батыл акындан бакыр акынды айра билүү абзел.
Батыл акындын ыры – куйкум кымыздай күчтүү.
Бакыр акындын ыры – кыйгыл, суу кошулган сүттөй.

Акындын сөзүнөн өткөн курч курал барбы?! Сөзгө жан киргизип, кузгундаган тоонун долу суусундай шар аккандар аз.

Ал эми сөзү беш ача, сокур чымыны ызылдаган акындар көп. Алар — же чок эмес, же жок эмес. Көкүрөк сокур болсо — көз менен алыс бара албайсың. Ала албаган куштан ала моюн чымчык артык...

Деңизди — добул, калкты — акын көтөрөт эмеспи.

XIX кылымда кооз адабиятта романтизм агымы көз ачты. Ал ойду ойготкон жаз көчкүгө тең эле. Лириктер кумурсканын улутунганын билүү керектигин сезишти. Кополураак айтканда, акындар бойдоктор сыяктуу болуу керектей... Ал бойдоктордун көздөрү сулуулукка дайыма ойноктоп турат эмеспи... Сулуулукка гана эмес, сулууларга да!.. «Лирика» деген сөз «Лира» деген аспаптын аталышынан улам келип чыккан. Лирик — акын жөн турбай Лира — кызга кол тийгизди эле, назик бир үн чыкты, ортодо... ал назик үн — сүйүү жаңырыгы эле...

Амадей Моцарт да «Поэзия — музыканын ийкемдүү кызы» — деп тескерисинче, элестүү кылып айтканы бекеринен эмес.

Акындардын ыр саптары жөнөкөй сыя эмес, өткө чыланган күчаладан чык алып турушу жөн (калем улам учталып турушу зарыл). Бөдөнө тепкен шумкардай ыр сөздөрү курч акындардын илеси артык келет.

Өзүбүздүн эле төкмө Осмонкул өкүнгөн тура:

Тамга салды сөөгүмө
Көтөрүлүп айтканың!..

Курч, көтөрүлө айтылган сөз анын этине эмес, сөөгүнө тамга түшүрүп жатпайбы... Акындар — назик, сезгич, таарынчаак, намыскөй журт. ... Өз калкынын акыйкатчысы... бертик сураган эмчи... жаангер дербиш... тили менен туурап таштачу — деген, толуп жаткан элестүү «дегендердин» ээси ошол акындар...

Бүркүттөрдүн да текөөрү мокок түрлөрү жолугат тура...

Жалпы бүркүт кыраан деп
Айта берет билбеген...

Акындардын да чабалы элде кездешет.

Немис акыны Гётенин минтип, өзүнүн «чабалдыгын» мойнуна алганын кара: «Чыгышта жети улуу акын бар. Эң начары менден жогору турат». Куп айтылган сөз.

Акын болуш үчүн академияда окуунун кажети жок. Муну мен керт башыман өткөрдүм. Мен деле бүткүл дүйнөлүк М.Горький атындагы адабият институтуна барып окусам болмок. Андан «билим» алгандардын баары эле «классик» атка кондубу?..

Акындардын академиясы — кең жайылган дасторкондун чети... Чай менен кошо ой ичип, кожурашып отурууга не жетсин!.. Горькийдин «Менин университеттерими» ошо турмуштук дасторкондун чети болгон. «Жол — кудайдын дасторкону» деп бекер айтылбайт го...

«Актан караны таанууга» адам баласы абалтан эле шык койгон (Ак кагаздан — кара тамганы окуп, сабаттуу болуу бек керек).

Бирок, баары эле чилтен болуп кеткенде, Асан кайгынын кереги жок болуп калмак.

Мурдагы «Манасчылардын» сабатсыз экенин айтып не кылам. Өзүм көрүп калган Сакебиздин (Саякбай Каралаевдин) калем акы алгандагы бир сөзү эстен кетпейт.

— Эйи, жан ортогум... Могу кагаздагы тизмеден «Каралаев» деген памиланы таап берчи? Тушуна узун таяк колумду коюп, акчамды алайын...

Мына XX кылымдын Гомеринин, миң сандаган сапты жатка айткан Манасчынын билимдүүлүгү... Көрсө, окууда тамга издебей ой издеш керек турбайбы.

Акындар — заманачы, казалчы, батачы, нускоочу, төкмө, жамакчы... болуп нечен түргө бөлүнгөнү белгилүү. Учурунда «Чөп ырчы» деген бир ашук жашап өткөн тура. Ар бир чөпкө сын-сыпат бергени уламада көп айтылат. Мен деле табиятта канча түс-боёк болсо баарын пайдаланууга аракеттендим. Ал турсун «Мен — Жаратылыш — экөөбүз гана бири-бирибиз менен авторлошпуз» — деп айтканым бар. Жүрөгүмдө канча боёктуу ашуу, бел жатат! Баарында көңүлүмө гүл өндүргөн — сулуулук. Ой-кырында ойсоңдой ойноп жүргөн сулуулар... боз уландар...

...Кезинде
Чөп ырчы да жашап өткөн,
Өмүрү болгон экен жашыл — көктөм.
— Теңири бир тал чөптү кууратпа — деп,
Жамгырды тилечү экен асман-көктөн...

Кыдырып
Тоо, өрөөндү жаз, жай, күздө,
Күндөрдү өткөрчү экен ат үстүндө.
Ат коюп ар тал чөпкө... баарын бирден,
Кармалап таануучу дейт айсыз түндө...

«Келини — Жоодар чөптүн. Борум кие,
Белини ийе берет тоо желине» —
Бул ырды укканым бар бир карыдан,
Баамдасаң кандай кооз сөз, көркөм дүйнө!..

Ал эми жазгыч акын Молдо Кылыч (Шамыкан уулу) өзүнүн «Чүй баяны» ырында кандай гана кооздуктарды сүрөттөбөгөн. Ал атайы, Сары өзөн Чүйдүн атын угуп, ага Кочкор жер-

гесинен Шамшынын белин ашып, келип турган. Шамшынын белин кимдер гана ашпаган. Учурунда менин да даңгыр жолдон баш тартып, жеңил темир тулпарына минбей ат менен бул кооз белди ашкан жайым бар. (Шамшы — Аалам шамы, чырагы деген түшүнүктү берет).

Ошондо бул ыр саптары токулган эле.

Мынакей, чиркин, эңсеген,
Шамшынын бели айтылуу!
Четинен бир аз кетилген,
Күндүзгү көктө ай туру...

Айдарым жүрсө колотто,
Сан гүлдөр кыздай бой ыргайт.
Ырахат кушу конот да,
Жүрөккө жылуу байырлайт.

Ашпаган кимдер бу белди,
Атчаны-атчан, жөөсү-жөө.
Тар жолдуу тагдыр илгерки:
Тартылды баары көзүмө...

Сары-Өзөн Чүйдү бет алып,
Кара жаак Калык көп ашкан.
Ыр менен алкыш, бата алып,
Күү менен узак таң аткан.

Тындырбай аттын аягын,
Бел ашып Молдо Кылыч да,
Жараткан «Чүйдүн баянын»,
Ар сабы-асыл, бир нуска.

* * *

Ушул «Ичээр суумду» жазаар алдында мен өткөндөрүмдүн баарын эсиме жатка алдым, бирден жандырып... Көзүмдөн көп элестер көчөт... Элестен элес талашуу... Карегиме балачак уялайт. Сары ооз балапан-балалык...

Күйүп жаткан оттун күлүн чачкан — балалык...
Кургак жол жатса, көлчүктү «балч» тепкен — балалык...
Жээк торпоктой эч тойбогон — балалык...
Чегирткени «таптап» куш кылып, балыкка салган — балалык...

Кыскасы, бала — тубаса акын. А акын — тубаса бала. «Акын деген баладай, а бала ар дайым чындыкты айтат»... Чоңоюп калган кезимдеги эле жасаган бир чындык окуяны айта кетейин, эмесе...

Чүкө атышып, көчөдө жүргөнбүз. Токоч бет бир классташым малакайынан бир куштун башын чыгарып, ортобузга жетип келди.

— Он чүкөгө мобу кушту сатам. Кимиңер аласыңар?

Бастырма үстүнөн жаңы эле кармап келдим...

Борбаш «таптап» чымчык алдыра албай жүргөн жаным, дароо эле сатып алдым. Кушум — көзү көк чөкө таан экен. Канаты кайрылып, жарадар болуп, колго түшүптүр да... Көрүнгөн дарыны сүйкөп, чүпүрөк менен таңып, акыры айыктырдым. Колго бат көнөт экен. Качып, учуп кетпесин деп менин гана колу-көзүмдү карасын деп... кайчылап, алдыңкы тумшугун пас кыскартып койдум. «Хирургмун» да... Өзүнчө жем жей албайт. Чегиртке, чымын, көгөн кармап келип, өз колум менен тойгузам. Менин гана колу-көзүмдү карап калды... Жатсам-турсам да жанымдан кетпейт. Зым карагайдан зым карагайга учуп-конуп, тезек тергени барсам ээрчигени-ээрчиген...

Анын учаар алдында жер чапчыганы, канат күүлөгөнү мага кызык көрүнчү... Ошол көрүнүш мени акын кылды, акыры. «Канат күүлөйм» аттуу ыр жаралды, күтүүсүздөн, өзүнөн-өзү эле... (Биринчи китебимде да бир кулаалы короодогу бир жөжөмдү илип кеткенде, ыйламсырап сүрөт тартканым, ыр жазганым баяндалган).

Азыр да каргалардын ичинен таандардын чыйкылын уксам, көңүлүм көлдөп, ошол күндөрдүн элесинде канат күүлөйм.

Ыр асманына ушинтип алгач канат күүлөгөм. Демек мен, жогоруда айтып кеткендей, жаратылыш менен гана авторлошмун...

Балапан элем, барчын болдум. Эмгек сиңирген ишмер элем, Эл акыны деген наам алдым.

Журналисттик кесибимди аркалап, жашы улуу, өздөрү да улуу акындардын туулуп өскөн жеринде атайын болдум. Зыярат эттим...

Калык — өз жерим Жумгалдан, Осмонкул — өзүм көп жылдардан бери жашап келаткан Төкөлдөштөн, Токтогул болсо — Кең саяк Кетмен-Төбөдөн...

Токомдун үйүн да, бейитин да барып көрдүм. Чогуу жүргөн карыялардан аңгеме, аскияларды угуп да кайткам. Жөн кайтпадым, ыйык жерден ыр токуп чыктым.

Коктудагы топ карагай,
Бир топ атчан ашып белди,
Ойду көздөй тик кыялай,
Түшүп келе жаткан өңдүү...

Топ алдында Токомбу дейм,
Минип жорго ак туягын,
Жаңы бүткөн тойдун демин,
Айтып келет деп туямын.

Келаткансыйт куйрук улаш,
Калык, Барпы, Эшманбети.
Элеске бай унутулбас,
Күңгөй-тескей «Чычкан» бети.

Араласаң ичи кандай,
Жер болоорбу ушунча кооз,
Токоюнун чытырманы ай,
Чычкан мурду жорголотус.

Ал, мынакей, «Бууракан-Бел»,
Буруксуган колот ичи.
Гүлдөр-абысын өң талаша,
Бир-бирине күйөт ичи...

Ушу белде учурунда,
Улуу устат Эшманбет да,
Ат тизгинин бура тарта,
Асылына кездешкен да.

«Узун-Акмат», ал, карачы,
Күрпүлдөөдө тээ төмөндө.
Батыш жакта тик жарчасы,
Нота-барак кудум эле.

Миң кыялга батып бир аз,
Миң кыялда толкуйм кайра.
«Узун-Акмат» суусу сымак,
Узак акчу Током дайра!

Табияттын табышмактуу сырына карап туруп таң каласың.

Ошо Токомдун үйүнүн бет маңдайындагы жарчада (Нарын суусу ортосун жарып агат) алыстан карасаң нотага окшогон тешикче-тешикче уячалар жыбырайт. Анда түрдүү канаттуулар сайрап, өзүнчө эле симфония... Токомдун «Миң кыялы» эрксиз кулакта жаңырат... Бүткөн боюң сергип, ооруган анча-мынча дарттан арыла түшөсүң. Мында Абу Али ибн Синанын «Ыр-күүнүн дарылык касиети бар» деп айтканы чын экенин туясың. Ойлой-ойлой келип, күтүүсүздөн үшкүрүп да аласың. Кайсы бир олуя «Ойлоонун туу чокусу үшкүрүк» болоорун элестүү айткан тура.

* * *

Эми бери келели. Осмонкул төкмөнү мен «Көк базардан» (азыр «Жеңиш аянты» жайгашкан) эки-үч ирет көрүп да калдым. Жарыктык, ак көйнөк, дамбал кийинип жүрөөр эле. Сыра ичкенди жакшы көрчү. Колунан кулактуу курушка түшчү эмес. Ак сакалы жайкалып, өңүнө жарашчу.

Белгилүү төкмө Эстебес Турсуналиев устаты жөнүндө көп жандуу окуяларды айтып, бизди күлдүрө турган.

— «Анделектен» башка ырым жок, өзүм да анделектей торсойгон бала кезим. Таластан Алымкул Үсөнбаев ээрчитип келип, Осокемдин колуна өткөрдү. Ушул анделекти «бышырып», бала кылып алгын. Керегиңе жарайт. Баласындай эле кайда барса ээрчитип алчу. Комузумду чертип, концерттерде ырдап да коём:

Мен бир бышкан анделек
Ар кимге сиздей жар керек...

Ошентип, артисттик чөйрөгө аралашып быштым.

Осокемдин эски кол сандыкчасы (саквояшы) болоор эле, анын «оозун» чоң кара кулпу кайтарат. Ачкычын бетарчысына түйүп, белинде бек сактайт.

— Ээй, жорго минген азамат, эми кол сандыгыңды (саквояшыңды) ачпайлыбы? Акысын деле беребиз. Жүдөп кетти бети-башыбыз, — дейт Карамолдо курдашы таң атып, арыктагы сууга жуунарда.

— Акысын мурда алдыма койгула. Анан ачкычымды издейин.

Акыры тамаша-күлкү аралаш, кол сандык оозу ачылат. Адегенде, «мунун ичинде эмне бар болду экен?» — деген кызыгуум жаралып, мен да четте оозумду араандай аччумун.

Көрсө, далдайган идиштин ичинде жалгыз устара катылу жатчу экен. Ал убакта сакал-мурутту кыруу үчүн керектүү шайман тартыш эле да...

Концерттен кийин кончу бир активдин үйүндө өзүнчө да «чоң» концерт болот. Аския, тамаша сөз айтыша көпкө олтурушат. Анан жат-жатка келгенде (мен Осокемдин койнунда баласындай бир жатчумун), устатым дамбалын чечип, мага карматат:

— Ме, айдын жарыгында тиги өзөнгө барып, ташка жанчып, дамбалды апакай кылып жуу. Алаасында сары так калса, эртең муш жейсиң!

Ошентип, устатымдын «май» баскан ак дамбалынын алаасын жууп жүрүп, акын болгом...

Эстебес аке дагы далай кызыктарды айтып, өзү да эстен тана күлө турган...

Мына, акын болуунун академиялык сабактары ушундай болот тура. Калың элдин алды, дасторкон чети...

* * *

Анан да акындардын «бейиш төрү» — өз ара чогулуп, өз учуру келе калганда, «Кожоке жыйышта» олтурушу! (Кожоке аттуу бирөө курдаштарынын башын коштуруп, жоро сыяктуу чоң жыйыш кылчу тура).

Барпынын «түбүн» ичкен Түмөнбай Байзаков андай жыйыштын башы болбосо да, кашы болоор эле. «Арашан» чыгармачылык үйүндөгү жазуучулардын «нооруз» алооканасында, Кыргыз адабиятын насыяттоо бюросунда же жөн эле сый отуруштарда ал караңгыда көз таап, кыйчалышта сөз таап, айлананы шаңга бөлөчү.

Эсимде калган айрымдарынан айта олтурайын, эмесе.

* * *

Түшкү эс алууда кезектеше шахмат чабышат эле улуу муундагылар. Түмөнбай бул жолу оюну оң түшпөй, таштарын көп «жедирип» утулуп бараткан эле. Сырттан бир курбусу келе калып, анын бир-эки пешкасы гана калганын көрүп:

— Кокуй Түмөн, бул эмне деген оюн? — десе, анда Түмөнү мыйыгынан күлө, кулагын алаканы менен жалп чаап, дебеспи:

— Билбейм, удаа-удаа «меникин эле жеп» жатат!..

Сөз оңтойун түшүнгөндөр күлдү. Түшүнбөгөндөр тим болушту.

Бир жолу Түмөнбай акенин айылына (Сузакка) бир иниси барып калыптыр. Андан акесинин ал-жайын сураса, ал (атын айтпайм) тамашага чалып, жооп кайтарат:

— Кандай болмок эле, эртели-кеч башы ийри кара таягын сүйрөй көчөдө басып жүргөнүн көрүп калам...

Бул сөз Түмөнбайга жетет. Ошондо ал адатынча мыйыгынан күлө, алаканы менен кулагын жалп чабат:

— Аа кокуй!.. Апасы «таягымдын» түз кезин көрдү эле, баласы анын «башы» ийрийип калганын көргөнүн айткан турбайбы!..

Аския жоопту уккандар өлө күлүшкөн экен... (күлбөй турган жооппу!)

Адеп сактасак, «айтууга жарамайды» дегендей, көп эле кокуй жоруктары болоор эле...

* * *

Мынча болду, ошол «Арашанда» ар жылда өтчү кайталангыс кызык окуялардан кеп курайын.

Ар бир калемгер өзүнүн белимчи, кайда басса өзүн ээрчип жүргөн көлөкөсүнөн башка жан жатпаган кенен бөлмөгө ээ. Бөлмө ичинде жазуу жана чай-пай ичүү үчүн эки үстөл. Ажатканасы да бар. Анда жуунабыз, муздак душка түшүп, сергийбиз. Ак шейшептүү керебетке жатып, каалаганда эркин басабыз.

Ар кимдин өзүнүн көнгөн бөлмөсү келген сайын ачык.

Терезеси чыгышты караган 21-бөлмө менин экинчи үйүм катары. Сыртта күнү-түнү шаркырап аккан Аламүдүн суусу. Бак-даракта булбул сайрайт. Сай жээгинде сагызганы шакылыктайт. Түнкүсүн сүтак безенет... Таңга маал эки тарабында эчки талдар жарыша өскөн саябан жолдо өзүнчө же эки-үчтөн болуп сейилдеп жүргөн ой дербиштери. Оо, бул жайдын алгач ачылгандагы шаан-шөкөтүн айтпа! Ал кезде мында атайын китепкана, кинокана, билиардкана, ал турсун бозокана, кымызкана да болоор эле. Кийин, тартыш заманда баары суу тартылгандай соолуп калды. Азыр, кудайга шүгүр, өзүнчө эс алуу бөлмө ачык. Анда — телевизор, шахмат, муздаткыч, көрөм китептер... Баарынан да «Эскерүү» кол жазма китепче (дептерче) жаңы келгендердин ар бирин кызыктырат. Алып, барактамай.

Эмесе, биз да барактарын ачалы.

* * *

*«Оо, кайран мезгил десеңчи! Ушул үйүбүздөн маркумдар А.Токтомушев, С.Сасыкбаев, Ш.Абдыраманов, С.Урманбетов ж.б. менен насиптеш, ойлош да болдум»... —*

***Калкамбай Ашымбаев,***
*Кыргыз эл жазуучусу, 24.06.2013.*

* * *

*«Арашан — биздин анык ой канабыз. Шаркыраган тоо суусу дайыма чыгарма жазуума кандайдыр бир шык берип турат. Тээ бир кездерде өзүбүз тиккен жашыл бактарды аралап басып жүрүп, канча пикир алыштык. Ушунун өзү эле өмүргө канча кубат. Анын бүткүл коллективине узак өмүр, иштерине көп ийгилик каалайм. Ар дайым бар болгула, кымбаттуулар!» —*

***Сүйүнбай Эралиев,***
*КР эл акыны, Баатыры, 28.08.2008.*

* * *

*««Арашан» чыгармачылык үйү — биздин жазуучулардын экинчи үйү. Мен жыйырма беш жылдан бери мында жыл сайын болуп, иштеп, эс алып жүрөм. Бул үйдө көп кыргыз жазуучулары менен пикир алышып турганыбызга кубанам. Мындагыдай жолугушуу шаарда мүмкүн эмес». —*

***Сооронбай Жусуев,***
*КР эл акыны, Баатыры. 27.07.2008.*

* * *

Ушу көңүл-маанайга айкаш жазылып, эстеликке калтырган калемгерлердин арасында маркумдар — Субайдылда Абдыка-

дырова, Кудайберген Жапаров, Көчкөн Сактанов ж.б. бар. Ал эми калемдеш айымдар – Меңди Мамазаирова, Бактыгүл Чотурова, Кален Сыдыкова, Сагын Акматбекова өз каалоолорун аялзатына гана таандык өтө назик сөздөр, ырлар менен калтырышкан.

* * *

Куйкум сөз устаты, «билсең – аянмын, билбесең – чаянмын» деген Төлөмүш Мырзаян бул эс алуу бөлмөсүнүн касапчысы. «Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун» дегендей эле баага татыктуу.

Бир жолу, алгач таанышканда тамаша иретинде сурап калдым:

– Же армиян, же кытаян эмессиң. Анан кайдагы Мырзаян «атка» минип жүрөсүң? Түпкү аталарың Ереванда го?

Ал өңүнөн бузулган жок. Кызыл чийкил өңүнө үңүлсөм – өз ордунда.

– Ээ, саяк... Мен – «ян» болсом, сен – «як» болгондой эле кеп. Биздин уурубуз – аян. Ошол аяндардын мырзасы болсун деп атам Мырзаян коюптур атымды. «Иттин ээси болсо, бөрүнүн теңири бар» деген макалды унутпай жүр, Са-як?!.

Кечке жуук, ошол эс алуу бөлмөдө «чаян» дарбыз союп жатып кобурайт:

– Жаның – сеники, каның – биздики!..

Мандай кызыл тилим-тилим дарбыз күлкү аралаш кандай желингени билинбей калды...

* * *

НЛО (Белгисиз учкан объект) кабинкесинен жаңы эле түшүп келегнсип Рамис Рыскулов  баарыбыздан башкача. Сүйлөгөнү да, сүлкүлдөгөнү космостук өзгөчөлүккө ээ.

Байбичеси Шайыр (аты эле эмес өзү да өтө шайыр) ага каяша айтып жатпайбы:

— Бар, өз бөлмөңө... Барып тынч отура турчу?..

— Эмне, мен сага көчөт бекемин? Дарак бир жерден көгөрөт. Ушул эле ордумдан жылбайм!..

* * *

Ошол жайкы ысыкта чиркей өлө көп болду. Түнү бою уктабай, дубалды, үстөлдү, үстүбүздү чапкылап чыгабыз. Болбой эле бүткөн боюбуз так-так кызыл ала... Бири-бирибизге «дартыбызды» айтып, коридордо диванда олтурабыз. Бурчтагы 22-бөлмө-люкстан Муктар Борбугулов шашпай чыгып келет. Келет да биздин айткан «муңубузга» таң калат:

— Мынакей, мени да бир да чиркей чаккан жок. Кандай эле силерге жабышат, билбейм?!

Анда Камбаралы Бобулов борс-борс күлөт:

— Ээй, муктара Муктар аке... Чиркей каны таза адамдарды гана чагат. А сиздин каныңызда «шек» бар экенин алар билишет чыгар...

Же күлө албайбыз, же...

* * *

Таң, шаардын ысыгынан качып келип, таңга маал шар аккан муздак сууну эңседиби, Сулайман Маймулов бизге келип, сөздү сулуулап айтып жатпайбы:

— Эрте менен тиги жээкке барып, денемди күнгө жибиттим. Анан «Манастан Чубак кем бекен» — деп, мен да шар агымга башымды малып-малып алдым. Өлө муздак экен! Кичине жылымык болсо эмне?!

Анда Насирдин (Байтемиров) апендиче барс күлдү:

— Деги айтчы?.. Маймылга сууну ким ысытып бермек эле. Туура эле иш кылыптырсың!..

Теңтуштары күлүп, кумардан чыккандай болушту.

* * *

Ысымдардан келип чыккан дагы бир чыр окуя.

«Кыргызстан пионери» гезитинин редакциясына ушул эле С.Маймулов бир жолу телефон чалат:

— Ким угуп жаткан?!

— Угуп жаткан Кочкор...

Маймылдын баласы ызалана, дароо башка телефондун кулагын бурайт:

— Кимсиң, угуп жаткан?!

— Угуп жаткан Арстан!..

Ачуусуна чыдабай, ал гезиттин редактору Камбаралы Бобуловго арыздана кирет:

— Бу кызматкерлериңди маданияттуу болууга качан үйрөтөсүң. Бири Кочкормун десе, экинчиси Арстанмын дейт, — күрүлдөп...

Камбаралынын мүнөзү курч эле да:

— Сенин атаңдын атын деле «билермандар» эркелете «Маймыл» коюшкан да. Кочкорубуз — кадимки эле Борбугуловдун иниси, Арстаныбыз — алп жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун өз баласы. Ала кушту атынан чакырат да ар ким?!

Ызалануу ушинтип жым-жым болгон экен.

* * *

«Арашан» үйүнүн чыгыш тарабында, чоң суунун эки өйүзүндө айрымдарыбыздын дачабыз (дарча жай) да бар эле. Аркы өйүздү Жолдошбай Абдыкалыков, Мариям Буларкиева,

Аскар Карыбаев, берки жээкте Мар Байжиев, Калыбай Осмоналиев, анан мен «ээлечү» элек...

Кеп «ээликте» эмес, ошол дарча жайдын пайдубалынын түптөлүшүндөгү айрым «түпөйүл» окуяларда...

Мариям (Буларкиева) дарча жай үчүн кыш куюуга жардамга Халил Бапаевди чакырып кетет. «Мен ууру кылганда айдын жарыгын кантейин» дегендей, дал ошол күнү Халилдин аялы, алыстан келген кайын атасы, экөө учурушканы аттанышпайт бекен! Жазуучулардан жөн-жайын угушуп, аркы өйүзгө барса, Хакең (жарым жылаңач) баткак тебелеп жаткан дейт.

Көргөн көзүнө ишенбей, аялы туттуга кызганып, кайнатасынын көзүнчө эрин каргап-шилеп, артка жөнөйт. Кудасы алып келген «базарлыгын» бербей, ал да кадам шилтейт. Анда Халил атакесине:

— Түйүнчөктөгү «бөтөштү» тиги шараалжындын түбүнө тыга кетиңиз. Бүгүн эле артыңыздардан барып калам. Баарын жайынча түшүндүрөм...

Мына ушундай да «түпөйүл» окуялар арабызда болгон.

* * *

Мындай бир эреже бар эле:

Биз ичпейбиз деп келгенбиз,

Биз иштейбиз деп келгенбиз.

Эреже ыр саптарынын ээси Сооронбай аке.

Кечки саат беш болмоюнча эс алуу бөлмөдө «пайлашып» олтурууга тыюу салынчу. Эгер эреже бузулса, дароо эле союзга телефон үнү жетчү...

Ага болбой эле...

Бир жолу Каныбек эргул мага айтып жатпайбы.

— Тиги чоң дүкөнгө барып, соткамды да, өзүмдү да «оңдоп» келдим. (Жаңы чөнтөк телефону «ачка» болуп (акча салынбай), иштебей жатат деп каңкуулап жаткан эле)...

* * *

Кайсы бир жылы бала мүнөз Муса Жангазиев «Арашанга» артынып-тартынып келип калат. Сооронбайдын бөлмөсүнө жүгүн калтырып, өз бөлмөсүнө ачкычты алганы төмөн түшүп кетет... Сооронбай аке булбулкөй эмес, бетке чапма кара башыл эле го. Муса келгиче, куржунундагы эки «ак молдону» катып коёт.

Бөлмөсүнө жайланышып, «кол жүгүн» оодарса, баягы «эки асыл» жок. Үйгө унутуп койгон жокмунбу деп бушайман да болот. Сооронбай акеге келип, «акелеп-жакелеп» сурайт.

Акеси билмексен кол жаят. Акыры «тил» табышат...

Муса мага даттанып жатпайбы:

— Эйий, кызталак! Ушундай да болобу. Өзүмдүн буюмумду өзүмө ээ кылбай.

— Мусаке, ага ачууланбаң... Бешке чейин тиги айыл дүкөнүндө андай асылдар көп. Иттин баласын жумшасаң да, бирин эмес экөөн «тиштеп» жетип келишет, эми эле...

Мусаке «Бала менин өмүрүм» деген өзүнүн ырындай, өтө бала кыял эле...

* * *

Зуура Соorобаева эже да Караколдон калбай, «Арашанга» жылда келет. Бештен кийин ал да «прописка» (каттоо) кылат да... Өзү мындайда созула жүргөн жаны, эки тостогонду көтөргөндө эзилип, көңүлү көтөрүлөт:

— Карачы? Менин атам Сооронбай кандай салттуу, тартиптүү (Фамилиясы Сооронбаева да).

Бештен кийин «беш жылдыздуудан» жутуп эже Сооронбайдын көкүрөгүнө башын жөлөп, дагы жылуу сөздөрүн айта кетет...

Акындардын бала кыял экендиги мында да ачык көрүнүп жатпайбы...

* * *

Качкынбай Осмоналиев («Көчмөндөр кагылышы» романынын автору) чындап эле көөдөк (эскиче көөдөк-бала) эле го... Оюна келгенин оюн-чынга аралаш ачык айтып салчу.

«Арашандын» ашканасын улуту кореянка Таня тейлей турган. Ал кыргыздын кесме, шорпосунан башка көп түрдүү тармактарды бизге жасап, баарыбызды тамшандырчу. Бир жолу ошо Качыкем «кызып» алып, кыйкырып жатпайбы:

— Тонэнин (Танянын) «көтүлөтү» менен «амилети» (туурасы котлет, омлет) кандай даамдуу! Жеген сайын шилекейим чубурат.

Анын мындай бала мүнөзүн, бала тилин (орусча анча сүйлөй албайт эле) курбулары Мар Байжиев, Бексултан Жакиев, Салижан Жигитов өлө «көтөрө чала» айтышчу. Ага ал эч терикпей, кайра олтуруштарда барбаңдачу эле:

— Мен тууралуу момундай бир жаңы аския айтылып жүрөт. Уккан чыгаарсыңар... Болбосо өзүм айтып берейин!.. (жүрүшү да кажалбаган буудандай эле).

* * *

Сөз ээсин тапса — бузук-түзүк, кем-артык, терс-макул болот турбайбы.

Бир кечте эки эл акынды сыйлап (арасында күрүчтүн артынан күрмөк суу ичет болуп, биз да барбыз), Түркия ислам университетинин мүдүрү сый тамак уюштурду. Аны башкарган жергиликтүү түрк Рашид Шамилов. Ал кыргызча, орусча да эркин сүйлөйт алат. Түркчө биз деле чала бучук түшүнөбүз. Кечки саат беш бучукта (бучук түркчө — жарымда) тамакка

олтурдук. Баары жайнайт. Берки «кургур» гана жок. «Баатыр экен сүйлөшү» дешсин деп, мен ортого бир аскияны ыргыттым:

— Бир атка минер башкарманын үйүнөн бешбармак жейт. Биринен-бири тартынып, дасторконго бөтөлкөдөгү ысык «чык» коюлбайт. Башкарма «алиң-алиң» деп, табакты жакын жылдырса, тиги берген айткан экен:

— Бешбармак го беш! — экен. Арагы жок беш бармак печаты жок справкадай жараксыз болот го?..

Бул каңкууну Рашид бей дароо түшүндү. Түшүндү да тиги түрктөргө айтып берди эле, дасторкон «жандана» түшпөспү! Агы да, кызылы да алынып келинди.

Көндүм боюнча Сүйүнбай, Соронбай чөнтөктөрүнөн күмүш «чөйчөктөрүн» сууруп чыгышып... Ошентип, сый бешбармакка кашкая «печать» басылган эле...

Кийин Рашид бей мени көргөн сайын ошол тамашаны кайталап да жүрдү.

* * *

Коңур сөздүү, жөө сөздүү, кургак сөздүү чечендер болот. Ал эми чыктуу сөздүү чечендер аз. Негизи сөз тартымдуу болсун. Тил тамырын тартып көрүп, сөздү сөздөп, артын көздөп жүрөлү, окурманым...

Мен эми сөзүмдү ырым менен ырастайын:

«Арашан»
Өрөөнүсүң таза суунун,
Эңсеймин тоо боорунда жаз учурун.
Жаа тарта учуп келген келгин куштай
Биримин сап улаган жазуучунун...

Сергүүндөп,
Көп жыл жүрдүм, даамың таттым,

Көрдүм го жашоонун көп ырахатын.
Ушул ыр жаралды го ушул жерде —
Ушул ыр айткан сага ырахматым!

Кыш бою
Сен тарапта санаа шамым,
Сагынам торгой үндүү талаа шаңын!
Сагынам тамашакөй күндөрүңдү —
Боорума-бооруң жылуу «Арашаным!»...

* * *

Саясат менен поэзиянын оту оңой менен бирге күйбөй тургонын мен кийин түшүндүм. Же бала кезинен Маяковскийдин ырларын көп окуганымданбы же комсомолдук, партиялык басма сөздө көп иштегенимденби, айтор, публицистикалык жанрды жактыра тургамын. Маяковскийдин ырларын, ал турсун «Бардык үн менен» поэмасын котордум. Бүтпөй кеткен ал поэмасын бардык үнүм менен «кыйкыра» да улантып, өз чыгармамды жаздым. Бирок бир да чакчыдан (сынчыдан) суук сүз укканым жок. Кайра, тескерисинче, жакшы пикирлерди оозеки эмес, басма беттеринен кездештиргеним бар. Академиктер, философтор, эл акындары (мисалы Теңдик Аскаров, Абдыганы Эркебаев, Сүйөркул Тургунбаев ж.б.) менин публицистикалык ырларыма оң баа бергени буга күбө.

«Бүгүн көргөн эртең жок, атаны кокуй дүйнө шок» дегендей, мезгил, саясат туруксуз экен да, бирок... Кечээги эле «күнүбүз биздин Сталин» деген «күн» кайда? Совет деген бир акын ошо Совет мезгилинде эле мындай «совет» берээр эле: акын баарыдан мурда махабатты макабына жеткире жаза билүүгө жетишүү керек. Калганы дүмүрөй калсын...

Албетте, Акын-ашыг, дербиш, бакшы, ал турсун тентимиш... Ал турмуштун чордонунда жүрүп, төрт тарабы тең «кыбыла» болгону жакшы. Ал мекенин, элин, жерин сүйүүгө жарчы болгону оң. «Өз элимдин башы болбосом да, сайынын ташы болоюн» деген макал акындарга багышталган тариздүү.

* * *

Эмгегине карай — өнмөгү. Акындын атын эмгек чыгарат. Бир бүдүр данды миң күжүр эмгек кызыл кырман кылгандай...

Бизде — өгүздөй кара күч болуш керек, жашыбызга карай. Акын — дайыма эмгек сүргүнүндө «азап» чегүүсү абзел.

Акын — кыялында аргымак болсо, эмгегинде ташбакадай чыдамдуу, көтөрүмдүү, оор басырыктуу мүнөз күтүш озуйпа!..

Төмөндө өзүм кан-жаным менен сезген, туюнган «ыр азабын» бир нече ыр түрмөктөрүм аркылуу берейин, эмесе:

Эргий, эргий... делебеси кармалбай,
Жазат акын кээде ырлар арбын, бай.
Ошол учур жүрөгүнүн ордуна,
Безеленген булбул конуп алгандай...

Кээде үшкүрүп, сөз түрмөгүн башка оңдоп,
Көп кыйналат, мыкчып башын кош колдоп.
Ыр жазууда баштагыдай жабыла,
Оор жүгүндү жеңилдетээр достор жок.

Ал акыры... ойдогуну жазат да,
Башын чулгуп, чыга түшөт азатка!
Эч окшобойт ыр жазууда кыйналуу
Турмуштагы сүргүн, түйшүк, азапка.

* * *

Жалгыздык
Бул жалгыз калуу эмес,
Жанда жок сырдашаар эч кими.
Бул учур акынга аруу кез,
Акылдын тополуу мезгили!

Акынга
Жалгыздык жыргал да,
Бул учур — бир учур эң катаал.
Айдалат бир жыргал «сүргүнгө»,
Ойлордун сүргүнүн эңсейт ал.

Көз илбей,
Кыйналып таң аткан,
Билет ал сүргүндүн иш-жайын.
Өзү да чыкпайт бул камактан,
Өз ою ордунан чыкмайын!

Акындар
Ар качан эңсеген,
Жалгыздык! — уюлу мол ойдун.
Калеми лыпылдап жем терген,
Кадимки тумшугу торгойдун!..

* * *

Тизгин бербей
Кыйла бийик бел ашчу,
Акындар да минсек дешет Пегасты.
Сулууну эмес, имертсем дейт ырында,
Окумандын сүрдүү жүзүн эң асты.

Акындардын күлүгүнө тилээрим:
(А күлүгү — ырлары деп билемин)
Аңгыраган талааны эмес, сыздата,
Тепсеп өтсүн калың элдин жүрөгүн!

Сөз нуру Күн нуру жетпеген адамдын ички, караңгы дүйнөсүн да жарыктанча алат, жылытып гүл өндүрө да алат.

Акындар ошол сөз нуру аркылуу караңгыда да жол табууга маш...

# БОЗ ҮЙ... БОЗ ТОРГОЙ...

## (Төртүнчү ажырым)

# КЫЗ-КҮЙӨӨ – ҮЙ БҮЛӨ

...Ошентип, Алла Таала (дайыма ага мактоолор болсун) Адам ата менен Обо энени бу Жерге түшүргөнү жакшы эле иш болгон тура. Ушу жер койнунда экөөнүн бой кошуп, үй-бүлө күткөнү, тукум тараткани не деген керемет!

Дегинкиси, күйөө жигит менен бурак кыз бой кошкондо (эмне, талаада жатышмак беле?), аргасыздан башпаанек издешет. «Катын алсаң – отун ал, бир кучагын ашык ал» – иши болот да...

«Отун» дегенди мен күйүүчү жыгач деп түшүнбөйм. Анын мааниси сырдуу. Тиричилик жаралгандан бери колдонулуп келаткан «Алачык» аталыштагы сөз маанисин де чечмелейли.

Үй-бүлө ары-бери көчкөндө, аң уулоого чыкканда жыгачтан атайын жасалган уук-таякчаларды өздөрү менен кошо ала чыгышкан. Ушундан улам «Ала+чык» (эки сөз биригип) үй буюму катары аталган.

Ал эми «Сайма алачык»... Мында да анын коздугу эмес, кыртышка сайылуучу учтары жөнүндө сөз жүрүп жатпасын?..

Дагы бир керт башымдагы түшүнүгүм: «Үй» – бул жыйна, тургуз деген мааниде эле бейм... Боз үй, чоң үй, кичи үй – буга мисал эмей не?

Боордош казак эли да «кийиз үй» деп аташат эмеспи.

Мен этнограф эмесмин, тилчимин. Сөздүн тилдик маанисине басым жасап жатам. Жаңылсам айып менде.

Боз үйдү учуп-конуп жүргөн НЛОго, не космос кемелерине сулуулап салыштырып айттым. Кыргыз боз үйү — жайкысын көк жайыкта, канат-керегесин жая, бүркүт окшоп жер чапчыйт. Ыгын таап конот. Жердин күрөө тамырын тарта билет.

Жер да жандуу күчкө ээ. Адамдар Жер-Суу тайыган. Тайыганы — экөөнүн ыйыктыгына сыйынып, мал союшкан. Бата тилешкен эмеспи.

«Тилеген жаан — ыйык» деп бекер айтылбаган да.

— Жаа-жаа жамгырым? — жайчылар көк теңирге кош алакан жая, тизе бүгүшкөн. Тилегенин берип, жамгыр көнөктөп, жер айрылып көк чыккан.

Кээде, тескерисинче, ой-кырда сел жүрүп, алаамат болгон. Бүтүн айыл кудайга жалынып, тоо таянышкан. Мал союп, бата тилеп, жайчылар жаанды «токтоткон» учурлар да аз эмес. Санжырада көп айтылат.

Жумуру жердин өтө касиетке ээ булуң-бучкагы да арбын. Алыс барбай эле, шаар четиндеги Ысык-Ата (мурдагы аты — Арашан) журтуна барчы. Шиберине эмес, ташына олтурсаң да сезилбеген, көрүнбөгөн күч-кубат дене-боюңду чымыратат. Кеселиңди кесет... Көңүлүңдү көтөрөт.

Жалал-Абад курортунун «Айып-Булак», «Кыз-Булак» суулары не деген керемет. Бир аңызда: Айып пайгамбар «ала» деген айыкпас дартка чалдыкканда, ит-кушка жем болсун деп, ушу коктуга алып келип таштаттырган экен, төбөлдөр. Түн жамына сүйгөн кызы ага жашыруун келип, тамак-аш менен жабдып, ыйлап кайтчу тура. Ошондо Алла Таала бу экөөнө боор тарта буйрук берген дейт:

— Башыңды көтөр, эки согончогуңду кыртышка матыра өйдө тур! Ошондо эки согончоктон эки булак атыла чыккан экен... «Ала» оорусунан айыгып, Айып «пайгамбар» аталган тура...

... Кайра эле боз үйдүн эшигин ачып, ичине баш багайын. Жөн баш бакпай, ыр түрмөктөрүмдү ала кирейинчи...

Көч коштоп,
Конуш алып жайык төрдөн,
Чечилет кереге-уук көлүктөрдөн.
Карыя
Тик көтөрөт туу түндүктү,
Кыз-келин уук саят, бөлүп бирден.

Теңирден
Учуп-конгон сырдуу жандай,
Ал, ана боз үй даяр.
Сындуу кандай!
Түндүктөн
Майлуу, жыттуу булайт түтүн,
Жашоонун ырахатын булаткандай...

Ичинде –
Тиричилик өкүмүндө,
Карылар үйдүн куту – ыйык төрдө.
Шаңдуу күү кошо чыгат чамгарактан,
Жар салып
Журт ырысын бийиктерге...

Калкымдын
Бул жөнөкөй ак боз үйү,
Эзелтен ушунчалык көзгө үйүрү.
Ааламдын
Бир учуна келип конгон,
Айнызыс «Учма табак» – көмкөрүлүү...

Эстетет
Жасалгасы ар элести:
Туш кийиз — төргө илинген гүл-белеспи?!
Кат-кабат
Шайы жууркан сандык үстү,
Бакыбат жашоонун бул күнү эмеспи!..

Козутпайт
Боорсок жыты кимдин көөнүн,
Жышааны бул жакшына жөрөлгөнүн.
Кабарлап,
Бешик ыры созулат жаа-ай,
Бир ээрге кыргыз көчү көбөйгөнүн.
Эр жетип
Ошол уулдар күндөн-күнгө
Түндүгү
Жаңы үйдүн көтөрүлгөн.
Эркин эл,
Үлпөттөрдө, үлүштө да,
Уул, келин
Үзөңгүлөш катар жүргөн.

Ыптасы
Бөксөрбөгөн, кемибеген,
Ырыс тээп, керегелер керилген кең.
Кыз чыкса
Келин болуп башка журтка,
Ордуна жүгүнүп кыз-келин кирген.

Шумкардын
Кош канаты — керего уук,

Байыртан барчылыкка уучу толуп,
Бу кыргыз
Бар кезинде ээрчип, калбай,
Боз үйү жүрө берет учуп, конуп!..

* * *

Керегени түптөй, тегерете бир олтурушта өрнөк карылардан көп эле сыпаа сөздөрдү, нускаларды жадыма каттап алган элем. Мукамбет пайгамбарыбыздын хадистеринин биринде айтылат тура:

Өлүмдөн мурда ден соолугуңа,
Картайганыңдан мурда жаштыгыңа,
Иштен мурда бош убактыңа,
Байлыктан мурун колдо барыңа —
Канимет кыл.
Тогуз тобокелден кийин —
Бир тооба кыл.

Канимет кылып, тооба кылып биз ушул күнгө чейин ичээр суубузду сыйлап келебиз. Биз дегеним — өз үй-бүлөм. Келерки жылы түтүндү бирге булатканыбызга 65 жыл болот. Биргем — бир кездеги ашык жарым, бүгүн аялым эмес, аёолум, байбичем — Гүлжахан (экөөбүздүн жаш чагыбыз «Ичээр суумдун» биринчи китебинде баяндалган, кайталабайын).

Мен анын азыр алтынчы баласындай эле болуп калдым. Адам карыганда баладан айырмасыз жашоого туш келет тура.

Жолго чыгаарымда небересин мектепке жөнөтүп жаткан чоң энеге окшоп, мени айланчыктайт: — Көз айнегиңди, калем сабыңды, жүз аарчыңды унуткан жоксуңбу?! Баланчанчы автобуска түш...

Ал эми «Күндөлүк дептерчеси» өзүнчө эле чоң «ботколуу» роман. Анда «Балдарым, кыздарым», «Туугандар», «Кошуналар», «Жазуучулар», «Кудалар», «Достор» деген бөлүмдөр бар. Бул эле дейсиңби! Кыргызча, казакча обондуу ырлар, ар түрдүү чөптүн рецептери, салаттардын жасалуу ыкмалары, көйнөк-көчөктөрдүн үлгү-чиймелери, койчу, баары-баары бар... кээде ачып окуп, пайдаланып да жүрөм...

— Сенин байбичең дагы эле кыздай жапжаш — дешет саамал тааныштарым.

— Кыз алгандын баарынын байбичеси кыздай жапжаш бойдон калат турбайбы — дейм, аларга жан кебимди жандыра...

* * *

Айылдагы молдоке экөөбүзгө кутба окуп, нике суусун ичиргенге чейинки күбүрү бүгүн да кулагымда: «Күбө-күбө, күбөдүр — Күбөлүккө жүрөдүр». Көлбүгөн көшөгө ичинде, ошентип, «Кудайы сүйгөн пенденин курдашы жатат койнунда» болуп, өзүбүзчө түтүн булата баштадык. Бул жерде айтайын деген ойдун учугу — түйүнү кызык.

Рыскул — энесинин таш эмчегин жумшарткан тун уулум. Туулгандан кийин анын туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүгү керек болду. Ал үчүн эң алды менен экөөбүздүн баш кошуу күбөлүгүбүз талап кылынды. Баягы оозеки нике күбөлүгү мыйзамсыз экен да. Ошентип, балага атадан артык күбөлүк жок деп жүрүп, үч жылдан кийин акыры кагаз күбөлүгүбүз да оңунан бүткөн эле...

Мен турмуш менен авторлошмун деп дайыма айтып келем. Ошол жылдары «түтүн» (үй-бүлө) болуу жөнүндө «түтөгөн» кыйла ырларды жаздым:

Биздин да үйүбүздө биринчи ирет,
Бармактай кичинекей упчу илинет...

* * *

Баштагы мүчө көркүң жок,
Бирок да сенин гүл чагың.
Күн санап аздап билинбей,
Дөмпөйүп барат курсагың...

Ансайын ичим элжиреп,
Мен жүрөм күндөр белгилеп.
Алдейлеп бала сооротом,
Кыялым кээде жел жиреп...

Камынтып мени тоюна,
Кант кошуп тилек, оюма,
Уулбу же кызбы, айтору
Бир асыл жатат боюңда...

*(«Кыялым»)*

* * *

Жаш жарым уйкуда... кызуу убак,
Мемирейт баланын жыты менен.
А тентек ачынып ызуулап,
Түн бою сүт толгон «мамасын»,
Тээп жатат наристе буту менен...

Анда азыркыдай чүмкөмө бешик араба кайда. Уулубузду эптеп ороп-чулгап алып, кээде сейилге чыгабыз... Автобустун аялдамасында «баланы көтөрүп сен-түш, мен-түш» болуп көпкө турабыз. Автобустар биздин «уялчаак жаштыгыбызды» билеби, кете беришет...

Автобуска түштүк экөөбүз,
Биринчи ирет көтөрүп бала...
Улгайыңкы болсо да бир топ
Орун берди бир аял сага.
Уялдыңбы... Кубандыңбы же
Көздөрүңдө ойноду жалын.
Сен биринчи олтурдуң бүгүн
«Эне олтурчу орунга» жаным!..

Уулубуздан кийин үч кыз катар төрөлбөспү!.. Улуусу – Лейли (эки неберелүү), ортончусу – Нургүл (ал да эки неберелүү), кичүүсү – Гүлжан (ал да эки неберелүү). Эжем Жамыйла көзү ачыктык жайы бар эле, «Рыскул уулуңар жалгыз, инисиз калабы?» – деп жер «муштап» жатып, келинин эркек «төрөттү». Аты Рысбек. Ошентип эки уул, үч кыздын атасы болгондо... тукумума «чекит» койдум. Азыр он бир небере, он үч чөбөрөнүн чоң атасымын! Жакшы эле «чоңойдум»...

Жалгыз карындашым Токтоканды, келиним Гүлмира, өз кыздарымдай эле көрөм. Күйөө балдарым Баатыр, Тынчтыкбек, Руслан, Болсунбек, Бауржан да өз уулдарымдай жакын. «Күйөө» эмес «күйөөр балдарым» деп эркелетем. Алар да мага эркелете мамиле кылышат. Өзгөчө Тынчыкеме көп жан тартам. Тамашаны тамшанта айтат: «Болуп турган чагыңда бопорос тартып бурулда», «Болсо – уруп калмай, болбосо – туруп калмай», – деп ыгына жараша «иш» да кыла кетебиз.

Кой эми, өз өмүрүмдү чекенелеп, божурай бербейин.

Кийин дагы, ыгы келсе, кең дасторкондо «ойноп» (ууртаптатып) пай ичкен куда-кудагыйларды, жалбыз жыт балдыздарды, тосурайган көөкөрлөрүмдү (небере-чөбөрөлөрүмдү) эстеп, китепке «чийип», кеңири баян кылаармын.

# СУУДАЙ ТАЗА – СУЛУУЛУК

Былтыр да, быйыл да аймактарды өнүктүрүүдө калкты таза суу менен камсыз кылуу маселеси чечилүүдө. Суу... Адам... Эл башы болгуча, суу башы бол... Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген. Карылар кол сууганда бата тартат эмеспи: «Суудай сулуу бол, өмүрлүү бол»...

Суу менен сулуулук бири-бирине айкаш, уйкаш.

Сулуулуктун үч учугу, үч булагы тууралуу баян кылам.

Жети жылдык төшөк тартып жаткан улуу акын Генрих Гейне: «Ден соолуктан ашкан сулуулук жок» (бизче: «Биринчи байлык – ден соолук»).

Аялзатын ашкере сыйлаган Оноре де Бальзак: «Аялдар сулуулугу менен күчтүү» (бизче: «Экинчи байлык – ак жоолук»).

Чыгыш даанышмандары: «Оболу даам, анан соң – керам» (бизче: «Үчүнчү байлык – көк соолук») – деп бекеринен так айтышкан эмес да...

Ушул үч соолук болсо – жашоо уланат.

Жашоодо күнөө күтпөс пенде жок го.

Маркумду жерге берээрде, жаназа окуганда «Оо кудай, бул пенденин билип, билбей кетирген күнөөлөрүн кечир» – деп теңирге кайрылат, имамдар. Билип – күнөө кылгандар пендечиликте боло берет.

Мукамбет пайгамбардын хадистеринде да айтылат:

«Ээ пендем, кызганчаак болбо. Мен да кызганчаакмын. Кудай менден өткөн кызганчаак. Өтө кызганыч уят болот. Аялыңа жарым түндө атайын аңдып келбе. Күнөө болот».

Мукамбет пайгамбарыбыз көз жумаар алдында мындай керээз да калтырган: «Аялдарды кейитпегиле...»

* * *

Бирок пендечиликте таман аӊдуу болуп келген экен да. Буга бул айтымдар күбө: «Караша үйдөн да ханыша чыгат», «Андай-мындайлар хандын кыздарында да боло берет», «Алардын жыланаяк катышы бар эле», «Кел-келине келгенде келинден мурда кыз тууйт», «Кыз эрге тийбей тынбайт», «Жашоодо жигит октолот, жашаганда токтолот», «Тарткылык болсо жигитке, боло берет ар кандай»...

Эл оозунда мындай так кесе айтылып жүргөн сөз көп...

Акылына келбей үйлөнүп, акылына келгенде ажырашкан жел колтуктарды жектеп, ак нике суусун бирге бир эле ууртап, төшөктөрү суубай жашаган бүлөлөрдү бектеп келебиз.

Качан да болсун кызга — бозой, келинге — күйөө, кемпирге — чал керек.

Акылмандуулук менен Сулуулук — түбөлүктүү белем... Жиги жок коюу кара каш, алоо эрин, шыӊга бой — баштан аяк сулуулукка чөмүлгөн кыз-келиндер көп-көп тукум улантсын (каш коёмун деп, көзүн ойгон ойсокелер азайып дегендей)...

Кыруусуна сиркелеп бермет төктүргөн шакек салынган, каркыралуу шөкүлө кийген кыздарыбыз сулуулуктун кулу эмес, нуру болсун. Кыз кызыгын кылыч көрбөй, жигит көрсүн...

* * *

Сүйүү — өмүрдү көрктөйт, жек көрүү — өмүрдү өрттөйт. Бул Вьетнам эл макалы.

«Тартып өпкөн — жел өпкөн», «Сүйүүнүн көркү — теӊинде». Бул кыргыз эл макалы.

Салыштыра келсек, сүйүү, сулуулук жөнүндө бүт тил бүткөн калктын айткан накылы бир нукта.

* * *

Дагы бир мындай «кокуй» макалды кездештиргеним бар.

«Жесирге жесил баш кошсо,

Күндүзү — экөө, түнкүсүн төртөө...»

Табышмактуу, кокуй макал эмей эмине, бул?

Жесир (аял), жесил (эркек) — уктаар алдында, ар кими өткөн күндөрүн эстебей койбойт... Көзү өткөн жубайлары кошулуп — төртөө болот дегени тура. Ушул макалга өтө малынып-чөмүлүп мен да «Жесир махабаты» деген ыр жазганым бар:

Унутпайм, жеңе, ал түндө,
Койнуңа алгач алганың...
Өкүнүч ыйдын өртүндө,
Айтылды муңдуу арманың...

Кырсыктан эриң болуп «Кош»...
Жаш бойдон жесир калганга,
Кош жаздык кемип, койнуң бош,
Кейидиң дүйнө жалганга...

Жесир деп айтуу кыйын да
Оозума колум такалат.
Жар үчүн шор-туз ыйында,
Жатпайбы таттуу махабат!!!

* * *

Боз үй ичинде (мейли кандай үй болсун) от өчпөгөн коломто, ынтымактуу түтүн булатуу, жылуу төшөктө кош жаздык болсун, ылайым.

Ылайым эле үй-бүлөдө той шааниси өкүм сүрүп... казанда той боорсок «бийлеп, ойноп», керегe-уук май жыттансын. Ыла-

йым эле жаңы кайын эне болчу этегин үзө басып, той көшөгө камдасын. Ылайым эле, эми мына кайын ата болчу көкшүн чал чакчасын таппай, кайсалактасын... Бүт айыл кыз-күйөөнүн келишин күтүп, жол караша касканактасын. Жаңы келин улууларга жүгүнүп (ийилгенде бел сынбайт), ызаат кылсын. Туура жигит төп (ача эмес) сүйлөйт, адам гана эмес, куш тилин да билгендей болсун...

Жашоо – бул кыймыл, аракет, алга жүткүнүү!

Кооздоп айтканда «Кыз куумай»... (Байырда бул улуттук оюн «Кыз куудуруу», «кулжага куудурулган койлор» деген жөн-жай айтымдар бүгүнкүгө чейин кеңири айтылып келатпайбы...

«Кыз куумай» темасына арналган ырлар (өзгөчө кыргыз, казак элинде) өтө эле арбын. Мен да учурунда бул оюнда куру калган эмесмин:

Шуудурайт,
Бариктерин ийип терек
Шай күлүк омуроосун бийик керет.
Намысы саман болуп сапырылып,
Салпактап кызга жетпей жигит келет...

Сүйүү бул –
Кыз куумай нак, жыргал-бакты,
Ал сынайт жаштык, карттык аралыкты.
Картайсаң – бардаңкесиң куру дүрмөт,
Жигиттер, кыз кучакта! Таап ыкты...

* * *

Жакын арада «Чалдын күйдүм чоктору» деген ыр жыйнагым «Улуу Тоолор» басмаканасынан жарыкка чыкты. Анда

чын махабат кемпир менен чалда бар экенин ырастаган ырлар арбын. Эмесе, ошол «күйдүм чоктордон» бир шиңгил:

— Сизди ким акын кылды? — сурайт пери,
— Дал өзүң! Айтып жатам ие, Сени.
Алдың да жаштыгымды бүт шыпырып,
Алдадың, өөнөп калдың «бересеңди»...
Тартылдым, сууп барат дене деми,
Антпесе да кээде козгоп делебеми
Тамызып таңдайыма уу шарапты,
Тантытып келесиңер дале мени!..

Тантыбай калайын, кайра Жер жүзүндөгү көз тойгус сулуу, сулуулуктар жанжайлоомо ыр гүлүн өндүрүп келет!

Ичээр суум бүткөнчө торгой тумшук калемимди алар колумдан түшүрчүдөй эместей...

## ТҮЙҮНЧӨК – ТҮЙҮН

Азирети Омор Хаям айткан экен: «Элдин жарыгын ашыкча сарптоо — караңгылыкты жайылтканга барабар»... «Ичээр суумдун»... экинчи китебинин кол жазмасын куржунума салып, Тил комиссиясынын кеңсесине үзбөй каттап, акыры баар таптым.

Мына шам намаз маалы да келди. Мен да «эл жарыгын» үнөмдөп, өз чырагымдын билигине күкүрт чагайын, эмесе...

Көрөөр таңкы багымдатта, түнкү куптан маалында да ниетиңер суудай таза, келбетиңер суудай сулуу болсун, менин бардык окурман бурадарларым!..

# МАЗМУНУ

**Жер данеги — көз кареги**
**(Биринчи ажырым)** ........ 3
Тазарсак таз кейиптен ........ 4
Ийги сөзгө тизгин ий ........ 10

**Үч журт — үч кут**
**(Экинчи ажырым)** ........ 11
Ата журт ........ 14
Тай журт ........ 30
Кайын журт ........ 40

**Тилимдин үч учу**
**(Үчүнчү ажырым)** ........ 46
Окуучу, окутуучу ........ 47
Журналист — жүктүү иш ........ 61
Акын — бурак, аргымак… ........ 72

**Боз үй… боз торгой…**
**(Төртүнчү ажырым)** ........ 96
Кыз-күйөө — үй бүлө ........ 97
Суудай таза — сулуулук ........ 105
Түйүнчөк — түйүн ........ 109

*Көркөм-адабий басылма*

**НУРПАИС ЖАРКЫНБАЙ**

**ИЧЭЭР СУУМ БҮТКӨНЧӨ**

(Ой-санам)

Редактору
Корректору *Ы. Кадыров*
Мукабаны көркөмдөгөн дизайнер *М. Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 14.08.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 7,0 басма табак.
Нускасы 200.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
720000, Бишкек ш., Ж. Абдрахманов көчөсү, 170а.